# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | АПРЕЛЬ 2018 | № 4 (77) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

ЖӨБдүн мамлекет менен өз ара аракеттенүүсүнүн механизмдери: регионду өнүктүрүү зарылчылыгы 2

Аймактык башкаруу жана өнүгүү: өнүгүүнүн административдик-буйрук берүүчү жана прогрессивдүү жолу ортосундагы тандоо 11

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Жергиликтүү жамааттын уставы – биздин жашоо эрежебиз. Устав тууралуу актуалдуу маселелер 18

Чакан гранттар программасы – жарандардын катышуусу менен коомдук финансыны башкаруу үчүн машыктыргыч: чогулуштардан көйгөйлөрдү чечүүгө чейин 19

### ӨСИнин жаңылыктары

ЭСӨМ Мамлекеттик социалдык заказдын Программасын иштеп чыгууда жардам алды 25

ЭСӨМ мамлекеттик социалдык заказдын аткарылышына мониторинг жана баалоо системасын түзүүдө жардам алды 25

ЖӨБ органдары мамлекеттик социалдык заказды социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн башкаруучулук аспабы катары колдонгонду үйрөнүүдө 26

Кыргызстан балдар жана карылар үчүн ыңгайсызбы? 27

Муниципалитетти көрктөндүрүүдөн түшчү пайданы кантип эсептеш керек жана көчөлөрдүн ремонту шаарга жана анын экономикасына кандай таасирин тийгизет? 29

Кыргызстандагы он муниципалитет балдардын жана жаштардын кызыкчылыгындагы демилгелерди жайылтууда: коомдук угуулар 30

Жети-Өгүз айылдык аймагында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн коррекциялык класстар ачылды 30

Токтогул районунун үч муниципалитетинде жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөр оңолду 31

### ЖӨБ Союзунун жаңылыктары

Кыргызстандын ЖӨБ Союзу өз мүчөлөрү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмегин аныктады 33

ЖӨБ Союзу кургак учук менен ооруган адамдардын жергиликтүү бюджеттен каржыланышына каршы чыкты. КР президенти бул пикирди колдоду 35

ЖӨБ Союзу мектепке чейинки мекемелерди каржылоо боюнча милдеттенмелерди ЖӨБ органдарына механикалык түрдө жүктөөгө каршы 35

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА





# ЖӨБдүн мамлекет менен өз ара аракеттенүүсүнүн механизмдери: регионду өнүктүрүү зарылчылыгы

***Надежда ДОБРЕЦОВА,*** Өнүктүрүү саясат институтунун (ӨСИ) башкаруу төрайымы; "КР ЖӨБ Союзу" ЮЖБ атынан ***Өмүрбек АЛМАНБЕТОВдун, Кадыралы ИМАНОВдун, Айнура ЧАНДЫБАЕВАнын, Нуржан КОЖОШЕВАнын;*** ошондой эле ӨСИнин эксперттери ***Асель БЕКТЕНОВАнын, Бекболот БЕКИЕВдин, Бектурган ОРОЗБАЕВдин катышуусу менен.***

**Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсү үчүн өлкө ичиндеги түрдүү топтор ортосунда кызыкчылыктар балансын камсыздоо зарыл: мамлекет менен коомдун, коом менен бизнестин, бизнес менен керектөөчүлөрдүн жана башка.**

**Баланс жалпысынан улуттун кызыкчылыктары ортосунда да, өз-өзүнчө ар бир жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктары ортосунда да өтө маанилүү. Адамдык потенциалга карата алганда да, аймактын, табияттын синергетикалык өнүгүүсүнө, биологиялык көп түрдүүлүккө, чарба жүргүзүүнүн экономикалык усулдарына, маданий жана жүрүш-туруш өзгөчөлүктөрүнө ж.б. карата алганда да Кыргыз Республикасынын ар бир жергиликтүү жамааты өзгөчө баалуу болуп саналат. Жергиликтүү жамааттардын уникалдуулугунан Кыргызстандын улуту түптөлөт. Ал болсо тил жана маданият өңдүү бир түрдүүлүктүн белгилери менен катар көп түрдүүлүктүн эбегейсиз байлыгына да ээ. Бул көп түрдүүлүктү жана жалпы бир нерсенин бөлүктөрү болуп саналган бирдиктүү комплекстер катары жергиликтүү жамааттарды сактап калуу – бул мамлекеттик саясаттын маанилүү милдети болуп эсептелинет.**

Көптөгөн экономикалык жана саясий чакырыктардын фонунда бул тапшырма анчалык ачык болбошу мүмкүн. Бирок Кыргызстандын улут, мамлекет жана эл катары сакталып калуусу үчүн өтө зарыл. Бир эле маалда көп түрдүүлүктү жана бирдиктүүлүктү сактап калуу үчүн мамлекеттик саясаттын ар бир актысында улут кызыкчылыктары менен жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары ортосунда тең салмактуулук кармалышы керек.

Биримдиктүү (унитардык) мамлекет катары Кыргыз Республикасы биринчи кезекте жалпысынан улуттун кызыкчылыктарын коргойт. Муну менен мамлекет жалпысынан өлкөнүн гармониялуу жана туруктуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө умтулат. Бирок реалдуу көрүнүш мындай – улуттун кызыкчылыктары дайыма эле конкреттүү жамааттардын кызыкчылыктарына дал келе бербейт. Бул Кыргыз Республикасына гана мүнөздүү болгон көрүнүш эмес – улуттун жана жамааттын кызыкчылыктары ортосундагы балансты издөө менен тигил же бул деңгээлинде дүйнөнүн бардык өкмөттөрү алек. Себеби бардык өлкөлөр өз аймактарынын тең салмактуу өнүгүүсүнө кызыкдар. Жергиликтүү жамааттардын тең салмактуу өнүгүүсү Кыргыз Республикасына да, дүйнөдөгү башка өлкөлөргө да зарыл. Бул болсо ички ресурстарды оптималдуу пайдалануу жана коркунучтардын алдын алуу (региондордун жана жалпысынан өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн артта калуусу, миграция, чек аранын жанындагы аймактардын ээн калуусу ж.б.) максатында керек.

Кызыкчылыктардын тең салмактуулугун издөө жана сактоо процессинде ар бир мамлекеттик органдын өз максаты жана милдеттери, өз чакырыктары жана көйгөйлөрү бар. Бирок мамлекеттик машинанын ар бир бөлүгү үчүн бул процесс өтө маанилүү болгонун түшүнүп, өзүнүн жол-жоболорун жана механизмдерин түзүп чыгуу зарыл. Ошону менен бирге ар бир мамлекеттик орган тең салмактуу өнүгүүдөн ала турган тактикалык жана стратегиялык пайдасын түшүнүшү керек. Практикада кызыкчылыктардын тең салмактуулугу мамлекеттин жергиликтүү жамааттар менен өз ара аракеттенүүсүнүн конкреттүү жана эффективдүү механизмдеринин болгону менен камсыздалат. Мында жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коргойт. Бул механизмдер кызыкчылыктар кагылышы пайда болгон жерлерде мунасага жетүүгө багыт алышы керек жана алар кызыкчылыктарды макулдашуу процессин түшүнүктүү, ачык-айкын жана легитимдүү кылууга тийиш. Механизмдер түрдүү болушу мүмкүн жана бул макала ушундай механизмдердин эң маанилүүлөрүн карап көрүүнү сунуштайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан ЖӨБ Союзу жана коомдук уюмдардын атынан Өнүктүрүү саясат институту бул көйгөйдү баамдай алышты. Алар 2017-жылдын октябрында ЖӨБ органдарынын мамлекет менен жана өз ара аракеттенүү Платформасын түзүү жөнүндө меморандумга кол коюшкан. Ушул тапта меморандумдун алкагында ЖӨБЭММА, ЖӨБ Союзу жана ӨСИ коомдук талкууну өткөрүү жана бир нече демилгени илгерилетүү демилгесин көтөрүүдө. Бул демилгелер КР Жогорку Кеңешинин, КР Президентинин жана КР Өкмөтүнүн атынан мамлекет менен ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсүн күчөтүүгө багытталган. Бул демилгелердин кыскача сүрөттөлүшү таблицада берилди. Ал эми өз ара аракеттенүү механизмдери тууралуу толугураак төмөн жактан окуй аласыз.

## Жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү кеңештердин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен өз ара аракеттенүүсү

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши коом-дун бардык катмарларынын өкүлү болуу менен бирге эле өлкөдөгү бардык жергиликтүү жамааттардын да өкүлү болуп саналат. Бирок жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын башка кызыкчылыктар менен макулдашууну камсыз кылуу үчүн формага салынган жана эффективдүү механизмдер Кыргыз Республикасында иштелип чыга элек. Жергиликтүү жамааттын атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзам чыгаруу процесстерине катышууга умтулуп келет. Алар мындай жол менен чечим кабыл алууда өз үнүн жана пикирин жеткирүүгө аракеттенишүүдө. Бирок Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши ар бир ЖӨБ органы менен өз-өзүнчө сүйлөшүү жүргүзүп же кызыкчылыктарды макулдаша албайт. Себеби мындай макулдашуулар бир жамааттын укуктарын бузуп, башкасынын пайдасына чечилиши ыктымал. Мунун натыйжасында өнүгүүдө олуттуу региондук дисбаланс пайда болушу мүмкүн. Бул болсо жалпы өлкөнүн өнүгүүсү үчүн чоң коркунуч жаратып, мындан улам такыр начар жыйынтык бериши ыктымал. Ушундан улам мыйзам чыгаруу процессинин алкагында жергиликтүү жамааттардын **бириктирилген** кызыкчылыктарын жалпы улуттук кызыкчылыктар менен макулдашуунун формага салынган жана эффективдүү механизми зарыл. Бул үчүн дүйнөдө ЖӨБ органдарынын ассоциациялары аркылуу кызыкчылыктарды макулдашуу процесси даярдалып, илгертеден бери иштеп келатат. Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу" Юридикалык жактардын бирикмеси (мындан ары – ЖӨБ Союзу) коргойт.

Ушул тапта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кабыл алынган чечимдерди муниципалдык ассоциациялар менен макулдашуу зарылдыгына бир нече шилтеме бар. Бирок ЖӨБ органдарынын бириктирилген позициясы кабыл алынган чечимде иш жүзүндө эске алынышы үчүн булар жетишсиз. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 9-беренеси боюнча **мамлекеттик органдар чечимдерди кабыл алууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ассоциациялары жана жергиликтүү жамааттардын союздары менен консультацияларды жана талкууларды өткөрүшү керек**. Бирок мындай консультациялардын жыйынтыктары мыйзамдарда эч

КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА



**ЖӨБ органдарынын мамлекет менен өз ара аракеттенүүсүнүн сунушталган жана мүмкүн болгон механизмдери**

| № | Механизм | Мамлекеттик орган ала турган артыкчылыктар | Өлкөнүн башкаруу системасына жана өнүгүүсүнө тийгизген таасири |
|---|---|---|---|
| | | **Бардык мамлекеттик органдар** | |
| 1 | “Ченемдик укуктук актылар жөнүндө” мыйзам аркылуу мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде кабыл алынган чечимдерди макулдашуу процессинин жол-жоболорун формалдаштыруу | – Кабыл алынган чечимдердин сапаты өсөт<br>– Башкаруунун тармактык принцибинен аймактык-тармактык принциптерине өтүү мүмкүн болот<br>– КРнын өнүгүүсүнүн аймактык дезагригацияланган картинасын көрө билүү мүмкүн болот<br>– Аймактык мамлекеттик башкаруу бекемделет<br>– Жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик өнүгүү программаларынын максаттарына жетүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгү пайда болот<br>– Жергиликтүү жамааттардын КР Өкмөтүнө ишеними жогорулайт<br>– Коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугун жана социалдык стабилдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүн болот<br>– Мамлекеттик аткаруу бийлигинин жана ЖӨБ органдарынын макулдашылган позициясын КР Жогорку Кеңеши алдында көрсөтүүдө өкмөт үчүн мүмкүнчүлүк пайда болот | – Регионалдык өнүгүүнүн эффективдүү саясатын иштеп чыгып, ишке ашыруу мүмкүн болот<br>– Региондор менен муниципалитеттердин өнүгүүсүнүн арасындагы ажырым кыскарат<br>– Аймактык дисбалансстар жараткан коркунучтар азаят<br>– Аймактардын социалдык жана экономикалык тең салмактуу өнүгүүсү мүмкүн болот. |
| 2 | Аймактардын өнүгүүсүн комплекстүү пландоонун бирдиктүү системасын түзгөн мыйзамдарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу. | | |
| | | **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши** | |
| 3 | Бюджет аралык мамилелерге тиешелүү маселелер боюнча Жогорку Кеңештин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин макулдашуу жыйынынын өзгөчө протоколу | – Бюджет боюнча кабыл алынган чечимдердин кесепеттери жөнүндө маалыматтын сапаты жогорулайт<br>– Жергиликтүү жамааттардын ишеними артат<br>– Жергиликтүү жамааттар менен түз байланыш түзүлөт<br>– КР Жогорку Кеңешинин контролдук функциясы күчөйт | – КР Жогорку Кеңешине ишеним артат<br>– Коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугун жана социалдык стабилдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүн болот<br>– Элдин биримдиги бекемделет<br>– Аймактардын тең салмактуу өнүгүүсү мүмкүн болот<br>– Улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде парламенттик демократия бекемделет |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Өкмөтүнүн тигил же бул чечимдери жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө, ошондой эле ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын – жергиликтүү кеңештердин иш сапатына тийгизген таасирине байланышкан маселелер боюнча ЖӨБ органдарынын ассоциацияларынын Жогорку Кеңештин алдында милдеттүү түрдө жылдык доклад тапшыруусун киргизүү. | | |
| | | **Кыргыз Республикасынын Өкмөтү** | |
| 5 | Жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү жана ЖӨБ органдарынын ишинин эффективдүүлүгү маселелери боюнча туруктуу ведомство аралык комиссияны же КР Өкмөтүнүн кеңешин түзүү. | – Өкмөттүн ЖӨБ органдарына өз функцияларын ишке ашырууда көмөк көрсөтүү милдети реалдуу мазмун менен толукталат (“Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренеси)<br>– Регионалдык өнүгүү саясатын ишке ашыруу мүмкүн болот. | – Регионалдык өнүгүүгө мамлекеттик инвестициялардын эффективдүү саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү пайда болот<br>– Бюджет аралык мамилелердин тең салмактуу саясаты ишке ашат<br>– Секторлордо башкаруу жыйынтыктарынын аймактык дезагрегацияланган картинасын көрө билүү мүмкүн болот. |
| 6 | Бюджет аралык мамилелер маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдашуу жыйынынын өзгөчө протоколу. Бул протокол бюджет долбоорун КР Жогорку Кеңешине бергенге чейин бюджет аралык мамилелерге карата пайда болгон бардык кайчы пикирлерди жоюшу керек | – ЖӨБдүн коомдук өзгөчө маанилүү функцияларын каржылоодо аймактык ажырым кыскарат, бюджеттин камсыздалгандыгын теңдештирүү системасы мындан дагы эффективдүү иштейт<br>– Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын жергиликтүү маанидеги маселелерин жетиштүү каржылабоо маселелери болбой калат<br>– Жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программалардын аткарылышын каржылоо механизмдери түзүлөт | |
| | | **Кыргыз Республикасынын Президенти** | |
| 7 | КРнын жергиликтүү жамааттарынын абалы жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын жөндөмдүүлүгү жөнүндө жылдык доклад | – Жергиликтүү жамааттар менен түз байланыш түзүлөт<br>– Регионалдык өнүгүүгө жана анын жаранга тийгизген таасирине мониторинг жүргүзүү аспабы пайда болот<br>– КР Президенти кабыл алган жана кол койгон мыйзамдардын регионалдык өнүгүүгө тийгизген таасирин баалоо аспабы пайда болот<br>– Жергиликтүү өнүгүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты түзүүгө КР Президентинин таасир этүү аспабы пайда болот | – Демократия бекемделет<br>– Калктын КР Президенти институтуна ишеним артат<br>– Жарандардын башкаруу системасына таасир тийгизүү укуктары ишке ашат |

кандай статуска ээ эмес, консультациялар процесси формага салынган эмес жана ошол консультациялардын жыйынтыктарын келечекте эске алуу жаатында мамлекеттик органдарга эч кандай жоопкерчилик жүктөбөйт.

Мындан тышкары жергиликтүү жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында пландалган да, буга чейин кабыл алынган да мыйзам чыгаруу чечимдерине карата кызыкчылыктардын тең салмактуулугун талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен түз байланышуу каналдары жок. Консультациялар, пикир жана маалымат алмашуу башаламан, депутаттардын жеке каалоосу боюнча же айрым учурларда КР Жогорку Кеңешинин комитеттеринин каалоосу боюнча ишке ашат. Бирок бул консультациялар милдеттүү статуска ээ эмес. Натыйжада КР Жогорку Кеңешинин айрым чечимдери жергиликтүү жамаатка өтө терс таасирин тийгизиши ыктымал. Бул болсо Кыргыз Республикасынын стабилдүүлүгүнө жана туруктуу экономикалык өсүшүнө коркунуч жаратууда. Ошондой эле макулдашылбаган чечимдердин экономикалык кесепеттери да оор болот. Жергиликтүү бюджеттерге толугу менен түшүп турган сатуудан алынган салыкты жоюунун кесепети буга мисал боло алат. Бул салыктан айрылгандан кийин Кыргыз Республикасынын шаарлары өз кирешесинин олуттуу бөлүгүнөн ажыраган жана өнүгүү пландарын аткара албай калышкан. КР Финансы министрлиги жоготуулардын бир бөлүгүн толуктап турганы менен, ал туруктуу ишке ашкан эмес. Кирешелердин альтернативалуу булагы талап кылынган, бирок ал иштелип чыккан да эмес, сунушталган да эмес. Эгерде ЖӨБ органдары, КР Жогорку Кеңеши жана Өкмөтү ортосунда макулдашуу процесси болгондо сатуудан алынган салыкты жойгондон кийин анын ордун толуктап турган киреше табуунун узак мөөнөттүү чаралары сунушталмак.

Мыйзам чыгаруу процессинин алкагында жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын башка топтордун кызыкчылыктары менен макулдашуунун формага салынган жана эффективдүү механизмдерин киргизип, жайылтуудан КР Жогорку Кеңеши кандай артыкчылыктарга ээ болот?

*Артыкчылык:* **аймактардын тең салмактуу өнүгүүсүнө тийгизген таасирине карата алганда кабыл алынган чечимдердин сапатына кепилдик болот.** Сатуудан алынган салыктын мисалы көрсөткөндөй, тең салмактуу чечим КР шаарларындагы инвестициялык саясатта мындай жоготууларды болтурмак эмес, терс экономикалык кесепеттердин алдын алмак.

*Артыкчылык:* **жергиликтүү жамааттар менен түз байланыш болот.** Мындай байланыш мамлекеттик аткаруу бийлигинин цензурасы аркылуу өткөн маалыматтын бурмалоосун болтурбайт (мамлекеттик аткаруу бийлигинин же ЖМКнын маалыматын тастыктаган же четке каккан альтернативалуу маалымат булагы).

*Артыкчылык:* **КР ЖКнын контролдук функциясы күчөйт.** Тилекке каршы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үнү чабал чыккандыктан анын кызыкчылыктары да саясий жана экономикалык конъюнктурага курман болуп жатат. Мисалы, билим берүү мамлекеттин функциясына кирсе да, мугалимдердин маянасын төлөп берүү боюнча милдеттенменин бир бөлүгү ЖӨБ органдарына жүктөлгөн. Ал эми КР Жогорку Кеңеши бюджетти жана функцияларды бөлүштүрүү принциби бузулганы тууралуу маалыматка ээ болгон эмес. Башка бир мисал – ЖӨБ органдарын текшерүү жөнүндө мыйзамдын аткарылбаганы. Бул учурда КР Жогорку Кеңешинде мыйзамдын аткарылбаганы жана бул маселени чечүүнүн ыктымал варианттары жөнүндө ишенимдүү маалымат азырынча жок.

*Артыкчылык:* **Жергиликтүү жамааттардын (өлкөдөгү калктын) КР Жогорку Кеңешине болгон ишеними жогорулайт.** ЖӨБ Союзу аркылуу ЖӨБ органдары менен байланышты түзүү менен, КР ЖК жамаат үчүн мурдагыдан да жеткиликтүү болот, сапаттуу чечимдер жамааттардын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет. Бул сөзсүз түрдө жарандардын ишенимин жогорулатат.

*Артыкчылык:* **социалдык-экономикалык өнүгүүнүн туруктуулугу жана коомдун социалдык стабилдүүлүгү жогорулайт.** Мамлекеттин тең салмактуу, актуалдаштырылган регионалдык саясаты туруктуу өнүгүүгө багытталган мыйзамдарда пайда болот, түрдүү аймактардын жашоо шарттарындагы өтө чоң ажырымды жок кылат, ички жана тышкы миграциянын динамикасын азайтууга көмөктөшөт, лидер региондорго өз потенциалын толук ишке ашырууга, ал эми чабал региондорго жарандардын турмуш шартын бир кыйла оңдоп алууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул артыкчылыктар конкреттүү демилгелерди ишке ашыруу аркылуу практикада билиниш керек жана ушундай болууга тийиш.

“Ченемдик укуктук актылар жөнүндө” мыйзам аркылуу мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде кабыл алынган чечимдерди макулдашуу процессинин жол-жоболорун формага салуу

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына тикелей тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик органдары, мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ассоциациялары жана жергиликтүү жамааттардын бирлештиктери менен консультацияларды жана талкууларды өткөрөт.

Иш жүзүндө болсо ченем чыгаруучу мамлекеттик органдар ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоодо жана кабыл алууда бул жол-жобону сакташпайт. Жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына тиешелүү ЧУА долбоорлору боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу орган-

КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА


дары, алардын ассоциациялары менен эч кандай консультациялар жана талкуулар жүргүзүлбөйт. Ушул тапта ченемдик укуктук актылар биринин артынан бири болуп өтө көп санда кабыл алынууда. Бирок жеринде түзүлгөн кырдаал, ошондой эле алардын жамаатка тийгизген таасири терең изилденген жок. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн пикирлери эске алынбайт, ЧУА долбоорлору топ-топ болуп киргизилбейт. Мунун натыйжасында кабыл алынган айрым ченемдик укуктук актылар чыныгы турмуш менен айкалышпай, иштебейт. Башкача айтканда, кандай максатта даярдалып, кабыл алынса, ал максат ишке ашпай кала берет.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 9-беренесиндеги талаптарды күчөтүү үчүн ЧУА жөнүндө мыйзамды бир норма менен толуктоо сунушталат: жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарына тикелей тиешелүү маселелер боюнча ченемдик укуктук актыларды даярдоодо жана кабыл алууда ченем чыгаруучу органдар (кызмат адамдары) мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тиешелүү ассоциациялары жана союздары менен консультацияларды жана талкууларды өткөрүшү керек. Ушуну менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана/же алардын ассоциациялары, союздары ченем чыгаруучу органдардын жумушчу топторунун ишине катышууга укуктуу.

Ошондой эле макулдашуу деген эмне болгонун чечмелеп, бул түшүнүккө аныктама берүү зарыл. Бул аныктамада тараптардын макулдашуусуна катышкандардын укуктары жана жоопкерчилиги камтылып, макулдашуу процессинде механизм, иш-аракеттердин ырааттуулугу сүрөттөлүп, макулдашууга жетишилбей калган учурда даттануу механизми белгиленип, анын кесепеттери сүрөттөлүүгө тийиш. ЧУА жөнүндө мыйзамдан тышкары макулдашуу процессин укуктук жактан жөнгө салган башка ченемдик укуктук акт жок жана болбошу да керек.

Же жергиликтүү жамааттарга тиешелүү маселелер боюнча комитеттердин жана палаталардын жыйындарына ЖӨБ органдарынын ассоциацияларынын милдеттүү түрдө катышуусуна жана алардын пикирлерин протоколдорго киргизүүгө байланыштуу, же болбосо жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына карата ЧУА долбоорлоруна милдеттүү экспертиза киргизүүгө байланыштуу Жогорку Кеңештин иш регламентине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү.

### Бюджет аралык мамилелер боюнча ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитетинин макулдашуу жыйынынын өзгөчө протоколу

Бул протокол мамлекеттик бийлик органдары бюджет долбоорун түзүү процессинде жөнгө сала албаган, бюджет аралык мамилелерге байланыштуу талаштуу маселелер боюнча тең салмактуу чечимди Жогорку Кеңешке сунушташы керек. Ошондой эле протокол бюджет аралык маселелер боюнча өкмөттүн жана ЖӨБ органдарынын позициясындагы айырманы чагылдырышы керек. Аны менен бирге тараптардын каршы пикирлери жүйөлүү болуп, кесепеттери эсептелип, далилдүү болууга тийиш. Парламент бюджеттик ресурстарды мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүүнүн тигил же бул вариантынын кесепеттерин так көрө алышы керек. Учурда депутаттар негизинен Финансы министрлигинде калыптанып, өкмөткө берген пикирине таянууда. Бирок андай пикир жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын дайыма эле эске ала бербейт.

### Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана өкмөтүнүн тигил же бул чечимдери жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнүн ошондой эле ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын – жергиликтүү кеңештердин иш сапатына тийгизген таасирине байланышкан маселелер боюнча ЖӨБ органдарынын ассоциацияларынын Жогорку Кеңештин алдында милдеттүү түрдө жылдык доклад тапшыруусун киргизүү

Доклад кадыресе түшүнүктө кабыл алынган документ эмес. Доклад – бул КР ЖКнын контролдук функцияларына, КР ЖКнын мыйзамдарынын жана башка актыларынын тийгизген таасирине мониторинг жүргүзүү процесси, бул мониторингдин жыйынтыктарын талкуулоо жана талкуудан кийин чечимдерге түзөтүүлөрдү киргизүү. Мындай докладдар башка тармактарда жана өлкөлөрдө колдонулуп келүүдө. Мисалы, Акыйкатчынын докладдары да кабыл алынган чечимдердин сапатына мониторинг жана баалоо аспабы катары колдонулуп келатат.

Докладдын иш цикли маалыматтарды чогултуп, аларга анализ жүргүзүүдөн башталат. Ал өзүнө сапаттык жана сандык изилдөөлөрдү, кырдаалды баалоону камтыйт. Докладга мыйзамдардын жергиликтүү жамааттарга жана өлкөнүн тең салмактуу аймактык өнүгүүсүнө тийгизген таасиринин объективдүү индикаторлору кирет. Ошондой эле жергиликтүү деңгээлде парламенттик демократиянын өнүгүүсүн камсыз кылууда жергиликтүү кеңештердин жөндөмдүүлүгүнүн индикаторлору да докладга кошулат. Индикаторлордун топтомун процесстин катышуучулары, анын ичинде КР ЖК да талкуулашат. Андан соң негизги тыянактар эксперттик жамааттар жана мамлекеттик органдар менен кошо талкууланып, жергиликтүү жамааттардын тең салмактуу өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген мыйзам чыгаруудагы ажырымдарды жоюу боюнча КР ЖКга сунуштар даярдалат. Талкуулардын жүрүшүндө жамааттар жана мамлекеттик органдар тарабынан аныкталган көйгөйлөргө байланыштуу пикирлерде жана мамиледе айырма белгилүү болот. Көйгөйлөрдүн бир бөлүгү ушул этапта чечилет (мисалы, мыйзам жакшы, бирок аны практикада туура эмес колдонуу терс жыйынтыкка алып келет). Мыйзам менен жөнгө салууну талап кылган чечилбеген карама-каршылыктар адегенде КР ЖКнын профилдик комитеттеринин кароосуна жиберилет. Комитеттер бул карама-каршылыктар боюнча өз ой-пикирин даярдашат. Андан соң жамааттардын, ЖӨБ органдарынын, КР ЖК комитеттеринин пикирлери кошулуп, толугу менен даярдалган доклад палатанын кароосуна жиберилет. Резолюция даярдалып, анда тигил же бул мыйзам тийгизген таасирдин терс кесепеттери жана жергиликтүү кеңештердин көйгөйлөрү көрсөтүлөт. Кийинки жылдын ичинде резолюция мыйзам чыгаруу демилгелери үчүн негиз болот. Докладдын структурасын жана процессин кызыкдар жактардын кеңири чөйрөсү толугу менен даярдап чыгышат.

Жыйынтыктар: КР ЖК кабыл алган чечимдердин сапаты жогорулайт; КР ЖК менен жергиликтүү жамааттар ортосунда түз байланыш түзүлөт; мында мамлекеттик аткаруу бийлигинин цензурасы аркылуу өткөн маалыматтын бурмалануусу болбойт; чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары чындап эске алынат; аярлуу топтордун муктаждыктары системалуу түрдө айтылып турат; КР ЖКнын контролдук функциясы жаңыча, сапаттуу түрүндө көрүнөт – объективдүү көрсөткүчтөр боюнча мыйзамдар тийгизген таасирге баа берилет; КР ЖКнын жергиликтүү жамааттар алдындагы отчеттуулугу күчөйт. Бул тууралуу толугураак кийинки бөлүмдө айтып беребиз.

## ЖӨБ органдарынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен өз ара аракеттенүүсү

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аткаруу бийлиги, биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын Өкмөттүк аппараты да туруктуу өнүгүү пландарын ишке ашыруу үчүн коомдо түрдүү топтордун балансына жетүү жана алардын кызыкчылыктарын эске алуу механизмдерине муктаж.

Мамлекеттик аткаруу бийлигинин таразага салынган чечимдери бизнести жана жергиликтүү жамааттарды кошкондо, бийликтин бардык тармактарынын жана коомдун эффективдүү өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылууга жардам берет. Бирок акыркы он жылда бизнеске карата консультациялардын жана өз ара аракеттенүүнүн туруктуу жана эффективдүү механизмдери иштелип чыкканы менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүгө карата мындай механизмдер жетишсиз жана формалдуу бойдон кала берүүдө. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасындагы бийлик системасынын ажырагыс бөлүгү болгону талашсыз. Бирок КР Конституциясына ылайык, алардын ыйгарым укуктары мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарынан бөлүнгөн.

**Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укуктары Конституция менен бөлүнгөнү ЖӨБ органдары мамлекеттик органдардан толугу менен автономдуу иштейт дегенди билдирбейт. Тескерисинче, алар мамлекеттик органдар менен туруктуу өз ара аракеттенүүгө жана координацияга муктаж. Мындай координация аралаш ыйгарым укуктар жана татаал бюджет аралык мамилелер шартында өзгөчө зарыл.**

Көптөгөн өлкөлөрдө саясий доктриналарга карабастан өнүгүү тажрыйбасы өзүнө мамлекеттин атынан аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү жамааттын атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы кызыкчылыктардын өз ара аракеттенүү жана макулдашуу механизмдеринин тең салмактуу мамлекеттик түзүлүшүнүн системасын камтыйт. Мындай механизмдер Орусия Федерациясында, Чыгыш жана Батыш Европа өлкөлөрүндө, Түндүк жана Латын Америка мамлекеттеринде, Азия-Тынч Океан регионундагы өлкөлөрдө иштеп келатат. Тескерисинче, жарандык жаңжалдар жана согуштар орун алган, же толук стагнацияда турган мамлекеттерде мындай механизмдер жок (мисалы, Африканын айрым өлкөлөрүндө).

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 39-беренесине ылайык, Өкмөт аларга **берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жетектейт, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарга ылайык өз иш-милдеттерин ишке ашырууда аларга көмөк көрсөтөт.** Мындай формулировка КР Өкмөтү менен КР ЖӨБ органдары ортосунда өз ара аракеттенүүнүн эффективдүү иштеген механизмдери зарыл болгонун көрсөтүп турат. Бирок КР Өкмөтү муну кантип жана кандай формада ишке ашырып жатат деген суроого жооп бербейт.

Мындан тышкары жергиликтүү жамааттар менен ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын макулдашуунун регламентке салынган механизмдери болбогондуктан ЖӨБ органдары КР Жогорку Кеңеши менен тикелей өз ара аракеттенүүгө муктаж болууда. Бул болсо айрым учурларда КР Өкмөтү менен макулдашылбаган чечимдердин кабыл алынышына шарт түзөт. Бирок көп учурда жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары көз жаздымда калып жатат. Бул болсо жер-жерлерде мамлекеттик бийликтин чечимдерин аткаруунун эффективдүүлүгүн азайтып, жалпысынан бийликке болгон ишеним деңгээлин төмөндөтүп, калктын арасындагы нааразылыкка жана өнүгүү ыргагынын басаңдашына себепчи болууда.

Мамлекеттик бийликтин тармактык түзүмү жана ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүү механизмдеринин жоктугу жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программалардын айрым бөлүктөрүнүн аткарылбай калышына алып келүүдө. Ушул жана

башка факторлор жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча Жумушчу топту түзүү жөнүндө КР Президентинин жарлыгына себепчи болду. Жумушчу топтун милдеттеринин бири – жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жүзөгө ашырууда так жана ачык жол-жоболорду, анын ичинде алардын өз ара аракеттенүүсүнүн бекем регламенттерин иштеп чыгуу. Ошол эле маалда өз ара аракеттенүүнүн бекем жана ачык регламенттери жергиликтүү мамлекеттик администрация менен ЖӨБ ортосундагы мамилелерде гана эмес, ошону менен бирге ЖӨБ органдары менен аткаруу бийлигинин башка органдары менен мамилелер чөйрөсүндө да зарыл. Ошол эле маалда регламенттер кадыресе бюрократиялык формалдуулук, кезектеги иштебеген жобонун бири болбошу керек. Бул регламенттер ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдарды бириктирген башкаруу процесстерине, анын ичинде комплекстүү пландоо жана отчеттуулук процесстерине да интеграциялануга тийиш. Ошентип, ЖӨБ органдары менен мамлекеттин өз ара аракеттенүүсүнүн регламенти жөнүндө айтканда, өкмөттүн токтому менен бекитилген кандайдыр бир жөнгө салуучу акт гана жетишсиз. Мыйзамдарды өзгөртүү боюнча чараларды өзүнө камтыган мындан дагы олуттуу системалуу чаралар талап кылынчудай. Тармактык мыйзамдарга жана башкаруу системасы жөнүндө конституциялык мыйзамдарга интеграцияланган бул регламенттер оперативдүү башкаруунун алкагында ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын туруктуу, бекем жана эффективдүү өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылышы керек.

Кызыкчылыктар балансына карата айта турган болсок, мында башка механизмдер иштеши керек. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ар бир ЖӨБ органы менен өз-өзүнчө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, кызыкчылыктарын макулдаша албай турганын, ар бир ЖӨБ органы менен жекече өз ара аракеттенүү механизмдерин түзө албастыгын белгилей кетиш керек (борбор калааны кошпогондо). Мындан улам өз ара аракеттенүүлөрдүн формага салынган жана эффективдүү механизми зарыл. Жергиликтүү жамааттар менен жалпы улуттун бириктирилген кызыкчылыктарын макулдашып алуу керек. Макулдашуу так регламентке салынат деген шарт менен бул процесси ЖӨБ Союзу аркылуу уюштуруу натыйжалуу болмок.

Мамлекеттик башкаруунун теориясында жана практикасында өз ара аракеттенүүнүн иш жүзүндө күчөтүү үчүн бир катар механизмдер колдонулат. Алардын пайдубалы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында түптөлгөн, бирок өкмөттүн ченемдик укуктук актыларынын деңгээлинде техникалык жактан соңуна чейин иштелип чыккан эмес. Мындан улам аларды колдонуу азырынча мүмкүн болбой жатат. Бул механизмдерге төмөнкүлөр кирет:

1) бюджеттин долбоорун түзүү баскычында, ошондой эле бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизген учурда бюджетке байланыштуу жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын макулдашуу жана эске алуу процесси;

2) аймактардын өнүгүүсүн комплекстүү пландоо жөнүндө мыйзам аркылуу мейкиндиктик пландоону жана мамлекет менен ЖӨБдүн өз ара аракеттенүүсүн эске алуу менен аймактын өнүгүүсүн комплекстүү пландоо;

3) тармактардын өнүгүүсүн комплекстүү пландоо (билим берүү, айыл чарбасы ж.б.), мында тармактык маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын так ролун жана алардын министрликтер менен өз ара аракеттенүүсүнүн механизмдерин аныктоо;

4) функцияларды аткаруу жана кызмат көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү, бул үчүн зарыл ресурстар берилип, талаптагыдай мониторинг менен камсыздалышы керек.

Мыйзам чыгаруу процессинин алкагында жергиликтүү жамааттар башка топтор менен кызыкчылыктарды макулдашуусунун дагы формага салынган жана натыйжалуу механизмдерин түзүп, киргизген учурда КР Өкмөтү кандай артыкчылыктарга ээ болушу мүмкүн?

*Артыкчылыктар:* **КР Өкмөтү ЖӨБ органдарына карата конституциялык мыйзамда бекитилген милдеттенмелерин аткарат.** Жогоруда айтылгандай, мыйзамда Өкмөт аларга берилген функцияларды аткарууда ЖӨБ органдарын кантип көрсөтө турганы так жазылган эмес. ЖӨБ органдары башкарууда кетирген кемчиликтер Өкмөттүн ишине терс таасирин тийгизүүдө. Бирок системалуу чечимдер колдонулбайт, чаралар айрым ЖӨБ органдарынын жетекчилерин жазалоо менен чектелүүдө. Системалуу чаралар өзүнө чындап иштеген механизмдерди камтышы керек. Бул механизмдер мыйзамдарга интеграцияланып, башкарууда каталарга орун бербеши абзел.

*Артыкчылык:* **аймактардын тең салмактуу өнүгүүсүнө тийгизген таасирине карата кабыл алынган чечимдердин сапатына кепилдик болот.** Жогоруда айтылгандай, регионалдык өнүгүүгө карата тең салмактуу чечимдер Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсү үчүн өтө зарыл болуп турат. ЖӨБ органдары менен макулдашылбаган чечимдер олуттуу коркунучтарды жаратууда.

*Артыкчылык:* **жергиликтүү жамааттын (элкө калкынын) КР Өкмөтүнө болгон ишеним деңгээлин жогорулатат.** КР Өкмөтүнүн ишинин бардык жыйынтыктары жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү көрө ала тургандай болот. Себеби өзгөрүүлөрдү биринчи кезекте дал ушул жамааттар сезишет. Ошондуктан ЖӨБ органдары менен начар байланыш жана алардын чабалдыгы калктын Өкмөткө карата нааразылыгына себепчи болот. ЖӨБ менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү жана анын ишинин сапатын жогорулатуу калктын биринчи кезекте КР Өкмөтүнө болгон ишенимин арттырат.

***Артыкчылык:*** **социалдык-экономикалык өнүгүүнүн туруктуулугун жана коомдун социалдык стабилдүүлүгүн жогорулатат.** Бардык мамлекеттик программалар жер-жерлерде ишке ашыруунун так механизмдерине ээ болушу керек. Ансыз бул программалар эң жакшы дегенде райондук деңгээлде аткарылат, начар дегенде пландалган жыйынтыктарга жете албай, улуттук деңгээлде "асылган" бойдон кала берет.

**Артыкчылык: мамлекеттик аткаруу бийлиги менен ЖӨБ органдарынын макулдашылган позициясын КР Жогорку Кеңеши алдында көрсөтө алуу мүмкүнчүлүгү болот.** Бул позиция жергиликтүү өнүгүү жана регионалдык башкаруу чөйрөсүндө тең салмактуу мамлекеттик саясатты далилдеп турмакчы.

Бул артыкчылыктар төмөнкүдөй демилгелер аркылуу ишке аша алат жана ошондой болууга тийиш:

1. **"Ченемдик укуктук актылар жөнүндө" мыйзам аркылуу мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде кабыл алынган чечимдерди макулдашуу процессинин формага салынган жол-жоболорун киргизүү (учурда Юстиция министрлиги мыйзамдын жаңы редакциясын даярдоодо, бирок азырынча жогоруда айтылган жагдайларды эске ала элек).**
2. **Жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү жана ЖӨБ органдарынын ишинин эффективдүүлүгү маселелери боюнча туруктуу ведомство аралык комиссияны же КР Өкмөтүнүн кеңешин түзүү.**
3. **Бюджет аралык мамилелерге тиешелүү маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдашуу жыйынынын өзгөчө протоколу. Бул протокол КР Жогорку Кеңешине бюджет долбоорун бергенге чейин бюджет аралык мамилелерге байланыштуу бардык пайда болгон кайчы пикирлерди жоюушу керек (эгерде жойбой калса, аларды КР Жогорку Кенеши жалпы улуттун кызыкчылыктарын эске алуу менен чечиши керек).**
4. **Аймактардын өнүгүүсүн комплекстүү пландоонун бирдиктүү системасын түзгөн мыйзамдарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу.**

## Жергиликтүү жамааттардын Кыргыз Республикасынын Президенти менен өз ара аракеттенүүсү

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, КР Президенти мамлекет башчысы болуп саналат, элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат. Элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдиги кызыкчылыктар балансына жетүү дегенди билдирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти жергиликтүү жамааттар, ошондой эле жергиликтүү жамааттын кызыкчылыгында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечкен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен да тикелей өз ара аракеттенүүнүн дайыма иштеген жана эффективдүү каналын түзүүгө кызыкдар. Мындай түз байланыш Кыргыз Республикасынын Президентине башкаруу системасы эффективдүү жана тең салмактуу иштеп, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын көз жаздымда калтырбай, регионалдык башкарууда тең салмактуулуктун бузулушуна алып келбей турганына ишенүүгө жардам берет.

Мамлекеттин башка бийлик органдары менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн регламентке салынган процесстери жетишсиз болгон шартта мындай түз байланыш өзгөчө актуалдуу болот (мыйзам чыгаруу процессинде жергиликтүү жамааттардын катышуу регламентинин жоктугу, аймактардын өнүгүүсүн комплекстүү пландоосунун жоктугу, бюджеттик процессте кызыкчылыктарды макулдашуу механизминин жоктугу ж.б.). Кыргыз Республикасынын Президенти институтунун тарыхында маал-маалы менен жергиликтүү жамаатtar менен байланыштын түз формасы колдонулуп келген. Айталы, ар кайсы жылдары бул максаттарда төмөнкүдөй формалары иштеп келди:

- КР Президентинин катышуусу менен өткөрүлгөн жергиликтүү жамааттардын Конгресси;
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттик;
- ЖӨБ органдарынын бардык жетекчилеринин жана КР Президентинин катышуусу менен жалпы республикалык кеңешме.

Түз байланыштын бул формаларынын өз артыкчылыктары жана кемчиликтери болгон, алар кандайдыр бир жыйынтыктарга жеткен. Айталы, биринчи кезекте жергиликтүү өнүгүү жана регионалдык башкаруу чөйрөсүндө Президенттин мамлекеттик саясатка таасир этүү бөлүгүндө жыйынтыктар болгон. Бирок акыркы жылдары Президент институту менен жергиликтүү жамааттар ортосунда формага салынган эч кандай байланыш түзүлбөй жана колдонулбай келди. Бул болсо Президенттин жамааттар менен табигый байланышын чабал кылып койду. Президенттин жамаатка болгон муктаждыгы жогору. Себеби дал ушул жамааттарда шайлоолор өтүп, жарандар Президентке көп үмүт артышат. Бул үмүт жеке жана жалпы улуттук кызыкчылыктарды гана эмес, ошону менен бирге өз жамааттарынын же **туулган жеринин** кызыкчылыктарын да коргоого байланыштуу болот.

КР Президенти менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы түз байланыш каналын орнотуу мүмкүнчүлүгүн дагы бир формада караштырып көрүү зарыл. **Ал жергиликтүү жамааттардын абалы жана ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгү жөнүндө жылдык доклад түрүндө болушу мүмкүн.**

Бул доклад төмөнкүдөй функцияларды аткарууга жөндөмдүү:

- КР Президенти менен жергиликтүү жамааттар ортосунда түз байланыш түзүү функциясы. Бул мамлекеттик аткаруу бийлигинин цензурасы аркылуу өткөн маалыматты бурмалоого жол бербейт (доклад жергиликтүү жамааттын көйгөйүнө же абалына байланыштуу мамлекеттик аткаруу бийлигинин же ЖМКнын маалыматын тастыктайт же четке кагат);
- регионалдык өнүгүүгө жана анын жаранга тийгизген таасирине мониторинг жүргүзгөн аспап боло алат;
- КР Президентинин регионалдык өнүгүү, жергиликтүү жамааттардын абалы жана ЖӨБ органдарынын жергиликтүү өнүгүү маселелеринде жарандардын муктаждыктарын канааттандыруу жөндөмдүүлүгү жөнүндө кабыл алган жана кол койгон мыйзамдарын баалаган аспап боло алат;
- КР Президентинин жергиликтүү өнүгүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүүгө таасир тийгизген аспабы боло алат.

Доклад аталган аспаптардын топтому катары эффективдүү иштей алат. Ал расмий документ гана эмес, ошону менен бирге процесс да болуп саналат. Бул процесстин жүрүшүндө жергиликтүү жамааттар, ЖӨБ органдары жана мамлекеттик башкаруу органдары өнүгүү жаатындагы көйгөйлөрдү, коркунучтарды жана чечимдерди талкуулай турган көз карандысыз аянтчага ээ болушат. Доклад Президентке жана коомго жергиликтүү өнүгүүнүн объективдүү көрсөткүчтөрүн туруктуу негизде берип тураарын, анын мамлекеттик саясатка тийгизген таасирин башкаруу органдары билип, бул көрсөткүчтөрдү жакшыртууга кызыкдар болушат. Бул үчүн алар өздөрүнүн иш-аракеттерин жана көргөн чараларын жергиликтүү жамааттарга тийгизген таасирге салыштырышат.

Доклад мүмкүн болушунча объективдүү болушун, анда жергиликтүү жамааттын үнү түз жетүүсүн камсыз кылуу максатында аны Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу даярдап, тааныштырганы туура болот. Себеби ЖӨБ Союзу жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын коргогон жалгыз легитимдүү өкүлү. Бирок докладды даярдоо процессине түрдүү топтордун кызыкчылыктарын көздөгөн жана түрдүү максаттарды коргогон ар кандай түзүмдөр тартылат. Алардын ичинде башкаруу органдары жана жарандык коом уюмдары бар. Доклад экономикалык потенциалды ишке ашыруу, бизнестин өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү, экологиялык абал, демографиялык жана гендердик баланс, этникалык жана маданий өзгөчөлүктөр ж.б. бөлүгүндө жергиликтүү жамааттардын абалын чагылдырып турат. Ошондой эле доклад ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди эффективдүү чечип, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткара алуу жөндөмдүүлүгүн баалайт. Мындай баа мамлекеттик саясатка түзөтүүлөрдү киргизүүдө объективдүү жана эффективдүү аспап катары кызмат кылат. Доклад түз байланыштын эффективдүү аспабы болуп калышы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин тиешелүү Жарлыгы менен аны регламенттештирүү зарыл. Бул Жарлык докладды даярдоо жана сунуштоо процессинен тышкары докладдын жыйынтыктары боюнча мамлекеттик саясатка түзөтүүлөрдү киргизүү процессинин алкагын да аныктайт. Доклад туруктуу (жыл сайын) даярдалып, оң жана терс өзгөрүүлөрдүн динамикасына байкоо салып турганы өтө маанилүү.

### Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн тийгизген таасири

Эмесе, жогорудагы серептин жыйынтыгын чыгарып жатып, ЖӨБ органдарынын мамлекет менен өз ара аракеттенүү механизмдеринин Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнө, жарандар үчүн мындан дагы мыкты шарттарды түзүүгө тийгизиши мүмкүн болгон таасирлерди жалпылаштыруу зарыл:


- **регионалдык өнүгүүнүн эффективдүү саясатын даярдоо жана ишке ашыруу мүмкүн болот;**
- **региондор жана муниципалитеттер арасындагы өнүгүүнүн ажырымы кыскарат;**
- **аймактар арасындагы дисбалanстан улам пайда болгон коркунучтар азаят, аймактарда социалдык жана экономикалык тең салмактуу өнүгүү байкалат;**
- **социалдык-экономикалык өнүгүүнүн туруктуулугу жана коомдук социалдык стабилдүүлүгү жогорулайт;**
- **регионалдык өнүгүүгө мамлекеттик инвестицияларды жасоо боюнча эффективдүү саясатты даярдап, ишке ашырууга мүмкүнчүлүк болот;**
- **бюджет аралык мамилелердин тең салмактуу саясатын ишке ашырууга мүмкүн болот;**
- **секторлордо башкаруу жыйынтыктарынын аймактык дезагрегацияланган картинасын көрө билүү мүмкүн болот;**
- **улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде парламенттик демократия бекемделет;**
- **элдин биримдиги бекемдейт;**
- **КР Жогорку Кеңешине, КР Өкмөтүнө жана КР Президентине ишеним жогорулайт;**
- **жарандардын башкаруу системасына таасирин тийгизүү укуктары ишке ашат.**





# Аймактык башкаруу жана өнүгүү: өнүгүүнүн административдик-буйрук берүүчү жана прогрессивдүү жолу ортосундагы тандоо

*Надежда ДОБРЕЦОВА*
бул макаланы эксперттер менен өткөрүлгөн талкуунун жыйынтыктары боюнча, жеткиликтүү булактар менен таанышып чыгып, Литва Республикасына болгон окуу сапарынын натыйжасында даярдады. Макала алдын ала жасалган серeп мүнөзүндө жазылды. Автор “Кыргыз Республикасындагы регионалдык саясаттын мүмкүн болгон максаттары” аттуу теманы талкуулагысы келген адамдарды NDobretsova@dpi.kg электрондук дарегине кат жазууга чакырат.




2018-жыл Аймактарды өнүктүрүү жылы деп Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси менен жөн жеринен жарыяланган жок. Өндүрүш деңгээли, жашоо сапаты, жарандардын өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүктөрү ортосундагы чоң аймактык ажырымдар Кыргызстандын экономикалык, саясий жана социалдык бүтүндүгүнө коркунуч жаратууда. Коомдун бардык катмары, башкаруу системасынын бардык бөлүктөрү көйгөйдү тигил же бул деңгээлинде түшүнүп жатышат. Бирок ошол эле маалда бул көйгөйдү ар ким өзүнүн көз карашынан баалоодо. Бул болсо ошол адамдын жеке турмуштук тажрыйбасы, билими, кызматы, жеке максаттары жана башкалар менен шартталган. Регионалдык өнүктүрүү деп эмнени эсептесе болот жана муну кантип башкаруу керек деген маселеде бирдей түшүнүк өлкөдө жок. Бирок мындай түшүнүктүн башкаруу системасында, чечим кабыл алган адамдарда жоктугу баарынан оор маселе болуп турат. Ошондуктан регионалдык саясатты иштеп чыгуу бөлүгүндө КР Президентинин Жарлыгын ишке ашырууда алгачкы кадам – мазмунун туура белгилеп алуу, биз регионалдык өнүгүү деп эмнени эсептей турганыбызды, алдыга кандай максаттарды жана тапшырмаларды коюп жатканыбызды аныктоо. Ошондон кийин гана аймактарды өнүктүрүү саясатын ишке ашыруунун ыкмаларын жана формаларын аныктап алуу мүмкүн болот. Бул макала ошол суроолорго жооп берүүгө аракет жасайт. Макала соңку тыянак деген макамды талашпайт жана бардык жерде колдонулчу рецепттерди сунуштаган жери жок. Бирок эксперттерди жана саясатчыларды ушул багытта ой жүгүртүп көрүүгө түртүшү толук ыктымал.

**Регион – бул окшош жана бири-бирин толуктап турган, өзүнүн ички жана тышкы байланыштарына ээ болгон аймактардын (муниципалитеттердин) бирикмеси. Регион пландоо, конкреттүү чөйрөдө же бир нече чөйрөлөрдүн (темалардын) жыйындысында таасир тийгизүү объектиси болуп саналат. Региондун “темасына” жараша алардын аймактык чек аралары дал келбеши мүмкүн. Бир эле маалда регионалдык маселелер боюнча жетиштүү башкаруу системасы болушу мүмкүн жана жалпы өлкөлүк башкаруу системасынын бир бөлүгү болуп саналат.**

### Аймактарды өнүктүрүү деген эмне жана ал кандай максаттарды көздөйт?

Башкаруу тууралуу илимде “регион” түшүнүгүнүн бир катар аныктамалары бар. Алар ар түрдүү, бирок

айрым бир окшош мүнөздөмөлөрү бар. Алардын жыйындысы кандайдыр бир жалпы аныктаманы түзүп алууга жол берет. Төмөндө келтирилген формулировка Кыргыз Республикасында бул аныктаманы иштеп чыгуу үчүн негиз болуп бериши ыктымал.

Аймактарды өнүктүрүү саясатын иштеп чыкканда көп нерсе өлкө, улут өз алдына койгон максаттардан көз каранды болот. Калкына жашоого мейкиндик жетишсиз болгон айрым бир өлкөлөр үчүн аймактарды пайдалануунун интенсификациясы жана атүгүл тышкы экспансия максат болушу мүмкүн. Аймактарда жана жашоо үчүн мейкиндик жаатында жетишсиздиги болбогон башка бир өлкөлөр үчүн калкты тегиз жайгаштыруу жана киши көп жашабаган аймактарды экономикалык жүгүртүүгө тартуу максат болушу мүмкүн (мисалы, Орусиянын Ыраакы Чыгышты өздөштүрүүсү). Географиялык жактан ыңгайлуу абалда турган башка өлкөлөр үчүн транспорттук хабдардын жана башкаларды түзүү максат болушу ыктымал. Максаттар уникалдуу жана бирин бири кайталагандай болушу мүмкүн, жалгыз же бир топ максат да болушу ыктымал – мунун баары өлкөлөрдүн объективдүү мүнөздөмөлөрүнө жараша болот.

Анткен менен тандап жаткан маалда бир нерсе талашсыз – өнүктүрүү максаттарына кайрылаардан мурда керектөөлөрдү аныктап, өнүгүү үчүн потенциалды баалоо гана зарыл эмес. Ошону менен бирге регионалдык өнүгүү саясатынын жоктугу жараткан коркунучтарды аныктап, биринчи кезекте ошол коркунучтардын кесепеттерин алдын алуу ыкмалары изделүүгө тийиш. Кыргыз Республикасынын учурдагы абалын түрдүү ракурстарда эске алуу менен, регионалдык өнүгүүнүн мүмкүн болгон тапшырмаларын, буга жараша Кыргызстандагы аймактык башкарууну төмөнкүдөй кылып аныктаса болот.

**Литвадагы регионалдык саясаттын максаттары:**

1) **Литва Республикасынын аймагын тегиз өнүктүрүү;**
2) **Литванын бардык аймактарында тең баалуулуктарга негизделген мыкты жашоо шарттарын түзүү максатында жашоо, иштөө жана эс алуу үчүн адекваттуу, сергек жана гармониялуу чөйрөнү түзүү;**
3) **калктуу конуштарды жана инфраструктура системаларын өнүктүрүү саясатын түзүү;**
4) **“жерлерди резервге калтыруу” – калктуу конуштардын инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн аймактарды аныктап алуу;**
5) **жаратылыш ресурстарын, табигый жана маданий мурастарды, рекреациялык ресурстарды коргоо, рационалдуу колдонуу жана калыбына келтирүү;**
6) **экологиялык тең салмактуулукка колдоо көрсөтүү же аны калыбына келтирүү;**
7) **жеке жана юридикалык жактардын же алардын топторунун кызыкчылыктарын, ошондой эле аймактарды жана жер участокторун пайдалануу шарттарына карата, аймактагы ишмердүүлүктүн түрлөрүнө карата да коомчулуктун, муниципалитеттердин жана мамлекеттин кызыкчылыктарын үндөштүрүү;**
8) **социалдык-экономикалык өнүгүү үчүн инвестицияларга дем берүү үчүн.**

**КРдагы регионалдык саясаттын болжолдуу максаттары**

- **Өлкөнү өнүктүрүүдө моночордончул каркастын ордуна поличордончул каркасты түзүү – бул туруктуу өнүгүүнүн альфа жана омегасы. Поличордончул өлкөлөр аша чаап кетип, атүгүл мамлекеттүүлүктүн маңызын жоготуп алышы ыктымал. Айталы, калктын баары бир мегаполисте топтолуп, ал эми калган аймактар ээнсиреп, деградация боло баштайт.**
- **Балансталбаган аймактык өнүгүүнүн тобокелдиктерин азайтуу. Ошол эле поличордончул миграция, аймактын бүтүндүгүнүн чабалдыгы, пауперизация жана экстремизм өңдүү терс кесепеттердин жана көрүнүштөрдүн бара-бара көбөйүшүнө сөзсүз алып келет.**
- **Аймактардын жыйындысынын атаандаштыктарынын артыкчылыктарын ишке ашыруу (мультипликативдик эффект), себеби көптөгөн административдик-аймактык бирдиктер эффективдүү өнүгүү үчүн потенциалга ээ эмес. Бирок потенциалдарды бириктиргенде учурда алардын алдында жаңы горизонттор ачылууда.**
- **Жарандар үчүн кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. Эгерде өлкө, мисалы, Индия жана Кытайдагыдай өндүрүштүк күчтөрдү жайгаштырууга карата бир кыйла поличордончул позицияда болсо, анда жарандар үчүн кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк бүтүндөй аймактарда бирдей камсыз кылынышы үчүн кам көрүүгө кезек жетет. Тарыхый жактан алганда көптөгөн өлкөлөр бул тууралуу экономикалык поличордончулукту түзгөндөн кийин гана ойлоно башташты. Бирок башкаруу тармагында өз убагында алынган билим саясатчыларга бул процесстерди бир эле маалда баштоого жол ачат.**
- **Мамлекеттик инвестициялардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу. Бул тапшырманы да жогоруда айтылгандар менен параллелдүү чечиш керек. Себеби ал көбүрөөк практикада колдонулуучу мүнөзгө ээ. Бирок мамлекет жана анын башкаруу органдары үчүн ал чоң саясий жана социалдык мааниге ээ. Ошондуктан ыктымал максаттардын бири катары келтирилди.**





Бул тизмек – артыкчылыктуу максаттардын болжолдуу тизмеси гана болгонун түшүнүш керек. Ошондой эле бул максаттар коомдогу түрдүү топтор үчүн ар башка болушу да мүмкүн. Ошондуктан ар бир максат дыкат чечмелөөнү жана негиздемени талап кылат. Ал болсо көйгөйгө, потенциалга мыкты анализди жана тийгизген таасирине дыкат божомол жүргүзүүнү талап кылууда. Мындан тышкары аймактык өнүгүүнүн принциптерин да аныктап алуу маанилүү маселе. Болгарияда бул принциптерди регионалдык өнүгүү жөнүндө атайын мыйзам белгилейт:

- башкаруунун бардык деңгээлдеринде пландоонун жана программалоонун бирдиктүү ыкмалары жана усулдары;
- ресурстарды бир жерге топтоштуруу;
- жеке булактар жана эл аралык финансылык мекемелер тарабынан өнүгүүгө мамлекет тарабынан жасалган инвестицияларды кошо каржылоо;
- пландоо, программалоо, ресурстарды берүү, жүзөгө ашыруу, мониторинг жана баалоо жаатындагы компетенттүү органдардын ишин ведомство аралык координациялоо;
- эл аралык, улуттук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлдерде саясатты иштеп чыгуу боюнча башка саясатчылар, аспаптар жана иш-аракеттер менен макулдашуу;
- пландоо, программалоо, каржылоо, мониторинг жана баалоо жаатындагы бардык деңгээлдерде өнөктөштүк, ачыктык жана айкындуулук.

Жогоруда айтылгандардан улам “регион” түшүнүгүн аныктоодо регионду түзүүнүн критерийлери иштелип чыгышы керек. Кыргыз Республикасына карата алганда гипотезалык жактан караганда критерийлерди түзүүнүн төмөнкүдөй принцибин сунуштаса болот:

- өнүктүрүү борборун түзүү үчүн экономикалык потенциалдын болгону же тескерисинче, окшош (бир типтүү) коркунучтардын топтомун жараткан экономикалык потенциалдын жоктугу;
- ички регионалдык теңдештирүү, кызмат көрсөтүүлөрдү жана башкаруу органдарынын функцияларын каржылоо же тескерисинче, ички регионалдык теңдештирүү, кызмат көрсөтүүлөрдү жана башкаруу органдарынын функцияларын каржылоо үчүн бюджеттин камсыздалгандыгына жетүү перспективаларынын ачык эместиги.

Бир өлкөнүн ичинде региондор түрдүү болоору түшүнүктүү – айрым аймактар чоң потенциалга ээ болуп, локомотив же өнүгүү процессинде өсүшкө түрткү болот. Башкалары дайыма жардамга муктаж болот. Дээрлик бардык өлкөлөрдө регионалдык өнүгүүнүн саясаты мына ушул түшүнүккө негизделген. Себеби ал гуманизмдин табигый абалына жана идеяларына жооп берет. Бирок күчтүүлөргө жана жардамга муктаждарга бөлүү маселеси ар башкача болушу ыктымал. Ошентсе да бардык жерде аларды иш жүзүндөгү маалыматтарга негизделген, объективдүү кылууга умтулушат. Мисалы, Болгарияда регионалдык өнүгүү жөнүндө мыйзамдын 6-беренеси колдоого муктаж болгон регионду аныктоо үчүн төмөнкүдөй критерийлерди карап чыгууну сунуштайт:

- бир жашоочуга сатуудан түшкөн таза пайда акыркы үч жылда өлкө боюнча 70 пайыздан төмөн;
- орточо айлык акынын деңгээли акыркы үч жылда ортодон төмөн;
- жумушсуздуктун орточо деңгээли акыркы үч жылда өлкө боюнча 105 пайыздан ашат;
- акыркы үч жылда өлкө боюнча кары адамдардын коэффициенти орточо 120 пайызын түзөт;
- калктын жыштыгы бир чарчы километрге 70 адамдан кем эмес;
- калктуу конуштардын 30 пайыздан ашыгында ички жолдорго же муниципалитеттин борбордук айылдарында асфальт төшөлгөн эмес;
- калктуу конуштардын 30 пайызында канализациялык түйүндөр жок;
- конуштардын 30 пайыздан ашыгы өлкө үчүн стандарт катары кабыл алынган сапатка туура келбеген суу ичет.

Кыргыз Республикасы өзү үчүн критерийлердин топтомун тандай алмак (бирок Болгарияныкы ойлонуп көрүүгө татыктуудай болуп турат). Муну менен мамлекет тарабынан максаттуу колдоо талап кылынып жаткан региондор аныкталмак. Колдоонун максаттары конкреттүү болуп, регион өлкө боюнча орточо деңгээлден артта калып жаткан көрсөткүчтөрдөн көз каранды болот. Мисалы, эгерде региондо бардык көрсөткүчтөр туура болуп, бирок канализация жетишпей жатса, анда аны түзүү үчүн колдоо көрсөтүлмөк. Эгерде региондо жумушсуздук маселеси курч турса, анда жумуш орундарын түзүү үчүн колдоо көрсөтүү зарыл. Башкача айтканда, түрдүү региондордо өнүгүү максаттары жана колдоо да ар башкача болот.

Башкаруунун үч негизги функцияларына – коопсуздукка, кайта өндүрүүгө жана өнүктүрүүгө жараша Кыргыз Республикасында региондордун бир нече тибин калыптандырса болот: экономикалык локомотив регион, өзгөчө көңүл бурулчу экономикалык регион, социалдык өнүгүү регионy жана социалдык кайта өндүрүү регионy.

## Мейкиндикти пландоо болмоюнча регионалдык өнүгүү да мүмкүн болбойт

Саясатчылар пландаган бардык өзгөрүүлөр конкреттүү жерге байланганда гана жарандар аларды көрүп, сезе алышат. Бала бакча жана өндүрүш ишканасы биринчи кезекте конкреттүү муниципалитеттин жашоочуларына таасирин тийгизет. Аларды пландоо жана жайгаштыруу түрдүү географиялык, геологиялык, жаратылыш, социалдык, экономика-

лык жана башка өңүттөрдө терең ойлонуштурулушу керек. Мейкиндикти пландоо болмоюнча эч кандай башка пландоону жүзөгө ашыруу да мүмкүн эмес.

Ошону менен бирге темага карабастан регион муниципалитеттердин жыйындысы болот. Эмне үчүн муниципалитеттердин? Себеби региондун өнүгүү планын башкаруу үчүн жалпы бир бүтүндүн майда бөлүктөрүнүн башкаруу органдары менен өнөктөштүгү керек. Ал эми бул – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же муниципалитеттер.

Ошол эле маалда муниципалитет – бул башкаруу органы эмес, аймактын үчилтиги болгонун түшүнүү зарыл; бул аймакта жашаган калк жана ошол аймактагы калктын (азыр жашап жаткан жана келечек муундун) кызыкчылыгында, ошол аймакты бирдей өнүктүрүү кызыкчылыгында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечкен башкаруунун шайлануучу органы.

**Сапаттуу регионалдык пландоо жана өнүгүү үчүн зарыл шарттар – өнүгүүнүн өлкөлүк же улуттук алкактык пландын болгону (мейкиндиктик + социалдык-экономикалык). Биз үй куруп жатканда керектөөлөрүбүзгө жараша бөлмөлөрдү пландагандай эле, коопсуздук, кайта өндүрүү жана өнүгүү функцияларын аткаруу үчүн да өлкөнүн жалпы планы зарыл. Улуттук алкактык план региондорду темалары жана чек аралары боюнча аныктайт.**

2017-жылы КР Экономика министрлиги Дүйнөлүк банктын колдоосу алдында Кыргыз Республикасы үчүн мейкиндикти башкаруу жана комплекстүү пландоо жөнүндө мыйзамды иштеп чыгуу үчүн Сунуштамаларды даярдаган. Бул сунуштамаларда регионалдык өнүгүүнү пландоо процессин мыйзам тарабынан жөнгө салууга карата коюлган негизги талаптар сүрөттөлгөн. Сунуштамаларда улуттук алкактык план жана региондү өнүктүрүүнүн алкактык планы сүрөттөлөт.

## Учурда региондун абалы кандай?

Кыргыз Республикасында региондор пландоонун объекттери катары каралбай келет. Аларды түзүү үчүн кандай элементтер керек?

- Өнүгүүнүн Улуттук алкактык планы мейкиндиктик жана социалдык-экономикалык маанисинде. Бул план комплекстүү мүнөзгө ээ болуп, анын көптөгөн катмарлары болушу керек (инфраструктура, өндүрүш, туризм, билим берүү, социалдык өнүгүү, этника, маданият, био көп түрдүүлүк, экология, тобокелдиктердин очогу ж.б.).
- Мейкиндиктик пландоо процесси жана анын бардык деңгээлдерде социалдык-экономикалык пландоо менен байланыштары.
- Геомаалыматтардын жана мейкиндиктик, социалдык-экономикалык пландоо үчүн маалыматтардын башка түрлөрүнүн системасы, алар жерге байланган болушу керек.

## Региондү өнүктүрүүнүн алкактык планы (Regional Framework Plan)

Регионалдык алкактык планы иштеп чыгуу жөнүндө чечимди КР Өкмөтү кабыл алат. Мында Өкмөт ошол жердин өзгөчө керектөөлөрүн же өзгөчөлүктөрүн колдонмого алат. Мисалы, Регионалдык план негизги туристтик регион катары Ысык-Көл облусунун бүтүндөй аймагын өнүктүрүү үчүн иштелип чыгышы ыктымал. Мында жогорку билим борборунун маанилүү ролу үчүн, конкреттүү айыл чарба өсүмдүктөрүн (мисалы, жүзүмдү) жана алтын казуу өнөр жайды өнүктүрүү үчүн колдонмого алынат. Ошол эле маалда алтын казуу өнөр жайынын өзүнүн өзгөчөлүктөрү жана айлана-чөйрө үчүн коркунучтары да бар.

Регионалдык план аймактын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен белгилүү бир аймакты/региондү өнүктүрүү формасы боюнча колдонмо катары кызмат кылат. План Улуттук Алкактык План менен аныкталган аймактарды өнүктүрүү боюнча сунуштардын кеңири анализин камтыйт. Ошондой эле регионалдык план зарыл болгон учурда региондун ичиндеги райондордун жана муниципалитеттердин пландарын интеграциялоо үчүн да негиз болуп берет. План калктуу конуштардын деталдуу иерархиясын камтып, региондун инфраструктурасын (Улуттук Алкактык Пландагы инфраструктураны өнүктүрүү боюнча сунуштарды эске алуу менен) өнүктүрүүгө болгон керектөөнү аныктайт. Бул болсо аймактарды өнүктүрүү жана аймактагы бардык райондордун бири-бири менен байланышын камсыз кылуу максатын көздөйт. УАП өңдүү эле Региондү өнүктүрүүнүн алкактык планы да аналитикалык бөлүктү жана ошого окшош багыттар боюнча сунуштарды камтыйт. Бул болсо регионалдык маанидеги гана план иштелип чыккан учурларды кошпогондо, УАПны иштеп чыгуу үчүн талап кылынат.

- Байланыштар системасы же пландоонун деңгээлдери ортосундагы пландардын иерархиясы – жергиликтүү же муниципалдык – регионалдык – өлкөлүк. Буга жараша – административдик структура.
- Мамлекеттин административдик-буйрук берүүчү усулдарга басым жасоосунун азайган фонунда ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү. Жергиликтүү башкаруучуларды иштен бошотуп же дайындоо эмес, регионалдык өнүгүүнү сабаттуу "тескөө" мамлекеттин ролу болууга тийиш. "Тескөө" дегенде мамлекеттик органдардын совет маалындагыдай административдик-буйрук берүүчү, жазалоочу, күч көрсөтүүчү ыкмаларды колдонгонун эмес, негизинен башкаруунун экономикалык, ченемдик, координациялоочу формаларын жана усулдарын пайдаланганын түшүнүш керек. Жарандык, демократиялык коомду жана анын институттарын түзүүгө жана сак-





***Комплекстүү пландоо системасынын варианты[1]***

| Пландын тиби жана даярдоо мезгили | Планды иштеп чыгуу үчүн жооптуу | Пландоо мезгили | Ким бекитет | Кайра карап чыгуу үчүн коюлган талаптар |
|---|---|---|---|---|
| **Улуттук алкактык план (УАП)** / Жогорку Кеңешти же КР президентин шайлоодон кийин 6 айдын ичинде | Премьер-министрдин жетекчилиги алдында өкмөттүк комиссия/Подрядчыга берилсе болот | 20 жылга божомолдордун негизинде, бирок бүтчү күнү көрсөтүлбөйт | Жогорку Кеңеш жана Президент | Бери дегенде шайлоодон (кайра шайлоодон) кийин же маанилүү эл аралык макулдашууну же ири инвестициялык чечимди кабыл алгандан кийин |
| **Регионалдык алкактык план** / улуттук планды кабыл алгандан кийин 12 айдын ичинде | КР Өкмөтү /Подрядчыга берилсе болот | 20 жыл, бирок жаңыласа болот | Пландоо регионунда атайын түзүлгөн Акимдер жана мэрлер/айыл өкмөт башчылар кеңеши, ошондой эле планга өзгөртүүлөрдү киргизгенден кийин планды өкмөттүн тармак аралык органы бекитет | Ар бир беш жыл сайын же жаңы УАПты кабыл алгандан кийин |
| Райондун/шаардын алкактык планы | КР Өкмөтү / подрядчы иштеп чыкса болот | 10 жыл, жаңыласа болот жана мезгили кайра каралса болот | Жергиликтүү кеңеш же атайын түзүлгөн комиссия. Комиссияга райондогу бардык ЖӨБдүн өкүлдөрү кириши керек, аны аким жетектейт. План региондун планына шайкеш келүүгө тийиш. Бишкек жана Ош шаарларынын пландарын жергиликтүү кеңеш да, Өкмөт да бекитет | Ар бир беш жыл сайын же мэрдин/акимдин талабы боюнча |
| Аймакты | ЖӨБ, подрядчы иштеп чыкса болот | Беш жыл, бирок шаардын / муниципалитеттин кеңеши менен макулдашып узартса болот | Кызыкдар тараптар менен консультацияларды жүргүзгөндөн кийин жана Аким менен макулдашкандан кийин муниципалитеттин кеңеши (бул райондук алкактык планга карама каршы келбейт) | Зарыл болгондо кайра каралып чыгат. Пландын аткарылышы беш жыл сайын же андан эрте каралып турат. Бул соц.-эконом. өнүгүү программаларына жана бюджеттеги чектөөлөргө ийкемдүү реакция жасалышын камсыз кылат. |
| Деталдуу план – жергиликтүү план иштелип чыккан учурларда | Жеке куруучулар же ЖӨБ, же куруучулар менен ЖӨБдүн өнөктөштүгү менен | Зарыл болгон учурда 5 жылдык мөөнөткө иштелип чыгат. | Шаардык кеңеш кайра карай алат. Жер пайдалануу Планына шайкеш келиши керек. | 5 жыл ичинде ишке ашырылбаган схемалар/пландоолор кайра каралып, Кеңеш тарабынан кайрадан бекитилиши керек |

[1] Кыргыз Республикасы үчүн мейкиндикти башкаруу жана комплекстүү пландоо жөнүндө мыйзамды иштеп чыгуу үчүн Сунуштамалар темасынын варианты

тоого кепилдик берүү, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин кеңейтүү жана коргоо, коомдогу түрдүү социалдык-саясий күчтөрдүн кызыкчылыктарын макулдашуу, прогрессивдүү күчтөрдүн аракеттерин топтоштуруу, ишкерлерге эркиндикти камсыз кылуу, жарандарды өзгөрүүлөр зарыл болгонуна ынандыруу, коомдун экономикалык, социалдык-саясий жана руханий-интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнүн негизги параметрлерин аныктоо, менчикти коргоо, атаандаштыкка шарт түзүү, ар кандай монополияларга каршы туруу, келечеги бар, узак мөөнөттүү тенденцияларды аныктоо, социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли боюнча региондор арасындагы ажырымды азайтуу, өлкөнүн аймактык түзүмүндө диспропорциялардын өсүшүн оздуктоо, "регионалдык адилеттикти" колдоо жана сактоо мамлекеттин ролу болуп саналат[1].

- Бюджет аралык мамилелердин децентралдашкан системасы (бүгүн – өкмөттүн башкаруу-сунда финансы ресурстары топтолууда, аймактар өзүнө мамлекеттик акчанын

[1] Сайтка шилтеме: http://pandia.ru/text/78/360/1959.php

20 пайызга жакынын гана алат. Мисалы, Орусияда бул пропорция – 60/40). Мындан тышкары бүгүнкү күндөгү бюджет аралык мамилелер системасы өнүгүүгө дем бербейт, теңдештирүү формуласы эскирди, ал ачык-айкын эмес. Теңдештирүүнүн максаты да аныкталган эмес – орточобу, өнүгүү үчүнбү же минимум боюнча теңдештирилип жатабы?

- Капиталдык салымдарды бөлүштүрүүнүн эффективдүү системасы. Ал улуттук алкактык план ж.б. (жог. караңыз) болгондо гана мүмкүн болот.

### Кыргыз Республикасында региондор кандай боло алат? Алардын өнүгүүсү кантип пландалып, башкарылышы керек?

**Кыргыз Республикасында экономикалык локомотив-регион** – чарба жүргүзүүчү субъекттердин жалпы ички жана тышкы байланыштары бар болгондуктан бириккен муниципалитеттердин жыйындысы. Ошол эле маалда бул бирикме өз-өзүнчө болгон муниципалитеттерге караганда өлкөнүн өнүгүүсүнө чоң мультипликативдик салым кошот. Ошону менен бирге жалпысынан Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүнө уникалдуу же мүнөздүү салым кошуп келет (мисалы, рекреациялык туризмдин эсебинен Ысык-Көл локомотив-регионун атаса болот). (ВРП1 + ВРП2 + ВРП3…) Бюджеттик камсыздалгандыкка жетүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөрү бар, калктын базалык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн өз алдынча камсыз кылууга жөндөмдүү (кепилденген кызмат көрсөтүүлөрдү берүү үчүн дотацияда турбайт), инфраструктура менен камсыздалгандык деңгээли өлкө боюнча орточо деңгээлден жогору. Регионалдык мыйзам статусуна ээ болгон өзүнүн комплекстүү өнүгүү планы бар (мейкиндиктик + социалдык-экономикалык). Бюджеттик камсыздалгандыкты регион ичинде теңдештирүү боюнча өзүнүн системасы бар (регионалдык теңдештирүү фонду аркылуу). Өнүгүү боюнча регионалдык кеңеш түрүндө регионалдык өкмөтү бар, ага ЖӨБдүн шайлоо менен келген жетекчилери жана аймактык мамлекеттик органдардын жетекчилери кирет (бардык жергиликтүү жамааттардан өкүлдөр кирип, алардын кызыкчылыктарын сакташы үчүн сөзсүз түрдө 50/50 болушу керек). Кеңештин функциялары – планды кабыл алуу жана анын аткарылышын көзөмөлдөө, планга каражат бөлүп берүү, каржылоонун аткарылышы тууралуу отчетту бекитүү. Кеңештин башчысы сөзсүз түрдө маморгандардын өкүлдөрүнүн жана ЖӨБдүн жетекчилеринин арасынан бир жылдык мөөнөткө шайланат (кеңештин ишин башкаруу жана камсыз кылуу боюнча функциялары административдикке караганда көбүрөөк өкүлчүлүктүү болуп саналат, себеби административдик функцияларды региондун комплекстүү планынын алкагында маморгандар жана ЖӨБ органдары аткарат). КР Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү кеңештин башчысы БОЛБОЙТ, анын функциясы өкмөттүн чечимдеринин аткарылганын, мамлекеттик органдардын ишин контролдоо менен чектелет (ЖӨБ органдары болсо жарандарга отчет берет). Өзүнүн бюджети бар, ал жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүштүрүүнүн эсебинен түзүлөт (мамлекет жергиликтүү бюджеттердин киреше булактарына тийбестен, өзүнүн киреше булактары менен бөлүшүшү керек). Жалпы республикалык инвестициялык долбоорлор (эрежеге ылайык, инфраструктуралык долбоорлор) тууралуу сөз болгон учурларды кошпогондо, инвестициялык программалар ушул регионалдык бюджеттен каржыланат.

**Кыргыз Республикасында өзгөчө көңүл бурулуучу экономикалык регион** – экономикалык потенциалы төмөн же жаратылыш, чек аралык баалуулугу да, тобокелдиктери да жогору болгон, ЖӨБ органдары аркылуу да, түз мамлекеттик башкаруу аркылуу да башкарылган (өзгөчө чек арага жакын жайгашкан калкы аз райондордо) аймактардын жыйындысы. Бюджеттик камсыздалгандыкка өз алдынча жетүү шансы бүдөмүк. Базалык мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн деңгээлин теңдештирүү үчүн мамлекеттен дотация алат, өлкө боюнча инфраструктура менен камсыздалгандыгы орточо деңгээлде. Өнүгүүнүн комплекстүү планы бар (мейкиндиктик + социалдык-экономикалык). Бул планды КР Өкмөтү бекитет. Себеби пландын инвестициялык бөлүгү республикалык бюджеттен каржыланат.

**Кыргыз Республикасында социалдык регион** – сапаттары же социалдык өнүгүү деңгээлинин белгилери окшош болгондуктан бир топко чогулган муниципалитеттердин жыйындысы. Мисалы, билим берүү жана илим тармагынын мамлекеттик түрлөрү менен катар билим берүүнүн жана изилдөөлөрдүн мамлекеттик эмес түрлөрү, альтернативалык формалары жигердүү өнүккөн ири шаарлар социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн (кеңири маанисинде) милдеттүү түрлөрү боюнча гана каржылоо алат. Бул шаарлар **социалдык өнүгүү региондоруна кирет.** Бирок социалдык өнүгүүнүн альтернативалык формалары кеңири жайылбаган көптөгөн элеттик муниципалитеттер бар. Мындай муниципалитеттер **социалдык кайта өндүрүү региондоруна** бириктирилген. Мында мамлекеттик бюджеттен социалдык өнүгүүнүн стандарттык мамлекеттик формалары да, атайын аспаптар – альтернативалык формалар аркылуу (мисалы, мамлекеттик социалдык заказ аркылуу) да каржыланат.

Ошондой эле улуттук деңгээлде сөзсүз түрдө регионалдык өнүгүү пландарын иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана баалоо процессин координациялоого ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болушу керек. Көпчүлүк өлкөлөрдө бул максаттар үчүн өзүнчө регионалдык өнүгүү министрликтери түзүлгөн. Министрликте пландоо, экология, архитектура жана шаар куруу, ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүү жана алардын ишине байкоо салуу бөлүмдөрү бар. Бирок регионалдык өнүгүүнү пландоонун процессин эффективдүү координациялоо жана камсыз кылуу бул министрликтердин негизги милдети бойдон кала берет. Ошондой эле регионалдык пландоо боюнча адистер башкаруунун ар бир регионалдык органында болушу керек. Мисалы, Ирландияда 2010-жылы пландоо жөнүндө мыйзам кабыл алынгандан кийин башка агенттиктер менен байланышта болгон, аймактын өнүгүүсүн комплекстүү пландоо үчүн жооптуу пландоочуну, пландоо боюнча адисти маморгандардын ар бир аймактык бөлүмүнүн штаттык бирдигине киргизишкен. Пландоочу эки негизги максатты көздөйт: биринчиден, региондо мамлекеттик органдардын ишин координациялайт, экинчиден, жергиликтүү бийлик органдарынын өнүгүү пландарын координациялайт[1].

Кыргыз Республикасы үчүн мейкиндиктик башкаруу жана комплекстүү пландоо жөнүндө мыйзамды иштеп чыгуу үчүн Сунуштамалар пландоочу кесибин да караштыраарын белгилей кетүү зарыл. “Пландоочу” дегенде шаарлардын же региондордун өнүгүүсүн комплекстүү пландоого окуган адисти түшүнүш керек. Ошондой эле бул мейкиндиктик, физикалык, социалдык жана экономикалык компоненттер ортосундагы байланыштарды камтыйт. Алкактык пландарды иштеп чыгуу дисциплинардык мамилени иштеп чыгууну талап кылат. Башкача айтканда пландоочулардын, экономисттердин, социологдордун, экологдордун, картографтардын ж.б. иши байланышта болот. Ошондой эле алкактык пландарды даярдап жатканда геологдор, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин аналитиктери (табигый кырсыктардын тобокелдиктерине мониторинг), транспорт боюнча адистер, гидрологдор, рынок жана финансы боюнча аналитиктер берген маалыматтар эске алынышы керек. Мындан улам пландоо боюнча дисциплинарлар аралык команда түзүлүүгө тийиш.


### Мейкиндиктик пландоо болбогон шарттарда өнүкпөй калуу коркунучтары

Сөздүн башына кайтып келсек. Эмесе, Кыргыз Республикасынын алдында регионалдык өнүктүрүү саясатын даярдап чыгып, ишке ашыруу милдети турат. Негизги коркунучтардын бири – Кыргызстанда пландоонун заманбап системасы, социалдык-экономикалык өнүгүү программалары ортосунда да, мейкиндиктик пландар арасында да байланыш жок. Өлкөдө мейкиндиктик пландоонун өзү деградацияга болду, адистер жетишсиз. Бул багытта адистер болгон күндө да, алар СССРдин согуш жүргүзүү жана космос программасын ишке ашыруу өндүү глобалдык тапшырмаларына баш ийген, эскирген пландуу-бөлүштүрүүчү системанын продуктусу болуп саналат. Бүгүнкү күндө тапшырмалар өзгөрдү. Бирок мейкиндиктик пландоону кошкондо, пландоо өтө зарыл болуп турат. СССРде мейкиндиктик пландоо негизинен эле пландоонун маанилүү жана ажыратылгыс бөлүгү болгон. Дал ошол Башкы план министрликтердин жана ведомстволордун долбоордук институттарынын техникалык-экономикалык изилдөөлөрүн координациялап, каржылачу, ири долбоорлорду жана жаңы конуштардын долбоорлорун карап, бекиткен. Башкача айтканда тикелей мейкиндиктик жана мейкиндиктик-экономикалык пландоо менен алектенген. Ал тургай орто мектептерде экономикалык география өндүү мейкиндиктик пландоого багытталган атайын сабак берилчү.

Кыргыз Республикасы согуш жүргүзгөн жери жок жана космоско учууга байланышкан эч кандай дымагын да билдирген эмес. Өлкөнүн алдында башка тапшырмалар турат – туруктуу өнүгүү, туруктуу мамлекетти сактап калуу жана жарандар үчүн жакшы турмуш шарттарын түзүү. Бирок мейкиндиктик пландоого байланышкан регионалдык пландоо болмоюнча бул тапшырмаларды ишке ашыруу мүмкүн эмес. Эгерде өлкөлөрдүн заманбап өнүгүү пландарын карап көрсөк, алар карталар менен коштолгон тексттер түрүндө эмес, тексттер менен коштолгон карталар түрүндө болгонун байкайбыз. Биздин өлкөдө болсо калктуу конуштардын басымдуу бөлүгүндө башкы пландар эскирген, ал эми социалдык-экономикалык өнүгүү программалары аларга таянбайт. Пландоого карата инновациялык, комплекстүү мамиле талап кылынууда. Мындай мамиле регионалдык башкаруу жана өнүгүү системасынын чордонуна, маңызына айланышы керек.

***Эгерде өлкөлөрдүн заманбап өнүгүү пландарын карап көрсөк, алар карталар менен коштолгон тексттер түрүндө эмес, тексттер менен коштолгон карталар түрүндө болгонун байкайбыз. Сүрөттө: Литва Республикасынын комплекстүү өнүгүү планы.***





[1] Сайтка шилтеме: https://www.ipa.ie/_fileUpload/Documents/LocalGov_RS_No4.pdf

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## Жергиликтүү жамааттын уставы – биздин жашоо эрежебиз. Устав тууралуу актуалдуу маселелер

2018-жылдын март айында Нарын облусунун аймагында жана апрелде Оштогу муниципалитеттерде “Жергиликтүү жамааттын уставы” темасы боюнча тренингдер өткөрүлдү. Жергиликтүү жамааттын Уставы – коомдук келишимдин легитимдүү (мыйзамдуу) аспабы. Ар бир жамааттын өзүнүн Уставы болууга тийиш, ал эми ар бир ЖӨБ органы кеңири талкуу өткөрүп, калктын пикирин эске алуу менен жергиликтүү жамааттын Уставын кабыл алуу иштерин уюштурушу керек. Жергиликтүү жамааттын Типтүү Уставы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) 2014-жылдын 4-мартындагы №01-24/19 Буйругу менен бекитилген. Типтүү Устав бардык ЖӨБ органдарына сунушталган.

“Жергиликтүү жамааттын Уставы ар бир ЖӨБ органы үчүн да, карапайым адамдар үчүн да бирдей маанилүү. Устав жергиликтүү жамааттын ичиндеги өз ара пайдалуу мамилелерди түптөө үчүн жаңы платформа болуп, айылдарда жашоочулардын турмуш тиричилигинин бардык чөйрөлөрүндө эрежелерди жана нормаларды аныктап алууга жардам берет. Уставды даярдап жатканда баштапкы аталышы Айыл Мыйзамы болгонун белгилей кетүү керек. Жамааттарда кабыл алынган Уставдар жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүнө көмөктөшүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жөнгө салат деп ишенебиз”, - деп айтты Долбоордун жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча адиси Танат ОСМОНКУЛОВ.

Тренингдерге 285 адам (18,25% - аялдар) катышты. Алардын арасында айыл өкмөт башчылары жана жооптуу катчылар, айылдык кеңештердин төрагалары, мониторинг жана баалоо боюнча топтордун жетекчилери, райондук администрациялардын өкүлдөрү, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун координаторлору бар. Катышуучулар жергиликтүү жамааттын Уставы боюнча негизги маселелерди талкуулап алышты. Алар: Уставдын укуктук базасы, максаттары жана милдеттери, түзүмү, жалпы жоболору жана мазмуну.

2018-жылдын май айында Ош жана Нарын облустарынын аймагындагы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде жергиликтүү жамааттардын Уставдарын жайылтуу боюнча масштабдуу иштер башталды. Жергиликтүү жамааттар өз эрежелерин талкуулап, аныкташат. Айыл өкмөттөрдүн ар бири жашоочулардын талкууларда үн кошуп, ЖӨБго катышуусуна кызыкдар болушу керек. Устав менен иштеп жатканда негизги суроолорго жоопторду эстен чыгарбоо абзел. Ал суроолор: устав деген эмне жана аны менен кантип иштеш керек?

***Жергиликтүү жамааттын Уставы деген эмне?***

Жергиликтүү жамааттын (шаардын, айылдык аймактын) Уставы – бул жамаат мүчөлөрү ортосундагы, жамаат менен айыл өкмөтү ортосундагы өз ара мамилелердин тартибин, алардын укуктарын жана милдеттерин аныктаган жергиликтүү жамааттын документи.

***Жергиликтүү жамааттын Уставын ким кабыл алат?***

Жергиликтүү жамааттын Уставын жергиликтүү кеңеш кабыл алат.

***Жергиликтүү калк Уставды талкуулап, ага өзүнүн толуктоолорун киргизе алабы?***

Ооба, албетте. Сөзсүз түрдө ушундай болууга тийиш! Жергиликтүү кеңеш Уставды чогулуштарда, жыйындарда, курултайларда талкуулагандан кийин гана кабыл алышы керек.

***Устав жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн өз ара аракеттенүүсүнүн кандай нормаларын аныктайт?***

Жергиликтүү жамааттын Уставы коомдук тартиптин ченемдерин жана эрежелерин, айылдын ичинде тазалыкты, санитардык нормаларды, мал жаюу эрежелерин жана мыйзамдарда көрсөтүлбөгөн башка эрежелерди сактоо боюнча талаптарды аныктайт. Устав жамааттын мүчөлөрү чогулуштарда, жыйындарда кабыл алган коомдук тартиптин ченемдерин аныктайт. Жамаат мүчөлөрүнүн чогулуштарга, жыйындарга катышуусунан коомдук тартиптин кайсы ченемдери Уставга кошулаары көз каранды болот. Ар бир жамаат өз Уставына татыктуу!

***Жергиликтүү жамааттын Уставы Курултайдын чечими боюнча АӨ башчыны жалпы эл тарабынан шайлоону белгилей алабы?***

Жок, белгилей албайт. Курултайдын чечими сунуштама берүүчү мүнөзгө ээ. Устав АӨ башчысын шайлоо маселелерин козгой албайт. АӨ башчысын шайлоону мыйзам аныктайт.

***Курултайдын чечими боюнча айылда коомдук тартипти бузганы үчүн жаза берүү жана айып салуу тууралуу пункттарды жергиликтүү жамааттын Уставына киргизсе болобу?***

Болбойт. Айып салуу жана башка чараларды колдонуу маселелери мыйзамдар менен жөнгө салынат. ЖӨБ деңгээлинде мындай маселелерди атайын түзүлгөн административдик комиссия чечиши керек.

***Жашоочулар дагы кандай маалыматтарды жергиликтүү жамааттын Уставында таба алышат?***

Жергиликтүү жамааттын Уставында төмөнкүлөр тууралуу маалыматтар бар: жергиликтүү өз алдынча башкарууга кантип катышса болот? Айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңештин депутаттары кабыл алган чечимдерге кантип таасир тийгизсе болот? Чогулуштар жана курултайлар кантип өткөрүлүш керек? Жергиликтүү кеңештин депутаттары жана айыл өкмөтү бюджеттерди пландоодо калктын артыкчылыктарын кантип эске алышат?

***Устав жигердүү жашоочуларга өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк береби?***

Устав Демилгелүү топторду түзүүгө, айылдын артыкчылыктуу маселелерин аныктоо боюнча фокус-топторго катышууга, суроо-талаптарды берүүгө, айылдагы маселелер боюнча демилгелерди көтөрүүгө, жергиликтүү бийлик органдарынын ишине баа берүүгө, ошондой эле чогулуштарга, жыйындарга, курултайларга катышууга мүмкүнчүлүк берет.

***Жергиликтүү жамааттын Уставы менен айыл өкмөттүн Уставы ортосунда айырма барбы?***

Ооба, бул эки башка документ. Айыл өкмөттүн Уставы айыл өкмөттүн гана ишин аныктайт. Ал эми жергиликтүү жамааттын Уставы болсо жамаат мүчөлөрүнүн, депутаттар, айыл өкмөтү менен өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салат.





# Чакан гранттар программасы – жарандардын катышуусу менен коомдук финансыны башкаруу үчүн машыктыргыч: чогулуштардан көйгөйлөрдү чечүүгө чейин

## Александровка айылдык аймагында “Келечек” бала бакчасы ачылды

2018-жылдын 19-мартында Чүй облусунун Москва районундагы Александровка айылдык аймагында “Келечек” бала бакчасы ачылды.

Бала бакча Александровка муниципалитетинин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кызматташтыгынын жардамы менен, жергиликтүү жамааттын жана активисттердин жигердүү катышуусунун натыйжасында ачылды. “Балдардын ынтымагы – улуттун күчү” Долбоорунун алкагында мектепке чейинки билим



берүү үчүн шарттар түзүлдү. Учурда бала бакча 100 орунга эсептелинген, штаттык ырааттама 11 адамга бекитилген. Бала бакчанын кызмат көрсөтүүлөрүн каржылоо үчүн 2018-жылы жергиликтүү бюджеттен 961,5 миң сом көлөмүндө акча каралган. Бул каражаттын ичинен оюн аянтчасын көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана курулушу үчүн 411,5 миң сом, тамактанууга 550 миң сом бөлүнгөн.

1182 адам жашаган Беш-Корук айылындагы бала бакча орто мектептин башталгыч класстарынын имаратында орун алды. Беш-Корук мектеби 1988-жылы курулган. 2000-жылы имарат муниципалдык менчикке өткөн учурда авариялык абалда турган. Имаратты оңдоп-түзөөгө акча жок болчу. Бул – түрдүү улуттагы дээрлик 17 000 (он жети миң) адам жашаган Александровка айылдык аймагындагы үч айылда орун алган беш мектептин бири. Мектептердеги окууга даярдоочу тайпаларга балдар толуп калган. Көпчүлүк балалуу үй-бүлөлөрдө ата-энелер жумушка чыга албай, үйдө отурууга мажбур болчу. 2015-жылы айыл өкмөтү жарандардын чечим кабыл алууга, бюджеттик процесске катышуу Моделин жайылтуу боюнча ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташа баштады. Ошентип, жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоонун (ЖМБА) жүрүшүндө Беш-Корук айылынын жашоочулары бала бакчанын жоктугу өңдүү көйгөйдү артыкчылыктуу катары аныкташкан. Айыл өкмөтү бул маселени чечүүнү өзүнүн иш планына киргизип, башталгыч класстардын имаратын бала бакчага айландыруу тууралуу чечим кабыл алган. Капиталдык ремонт, эмеректер, жабдуулар, шаймандар зарыл болчу. Калктын артыкчылыктарына негизделип, айыл өкмөтү дем берүүчү грантка өтүнмө жиберген. Ошентип бул гранттын эсебинен имаратка капиталдык ремонт жасалган. Аны менен катар имараттын чатыры, терезелери, каалгасы, жылытуу системасы алмаштырылган, жаңы меш, канализациялык система орнотулган, электр зымдары алмаштырылган, лампалар орнотулуп, имараттын ичи акталып-сырдалган. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 455 200 сом, ал эми дем берүүчү гранттын эсебинен 1 808 600 сом бөлүнгөн.

"Бирок биздин мекеме кызмат көрсөтө башташы үчүн кошумча инвестициялар зарыл эле. Демилгелүү топ "Балдардын ынтымагы – улуттун күчү" долбоорун иштеп чыгып, аны артыкчылыктарды тандап алуу боюнча чогулуш маалында жергиликтүү тургундардын сынына койгон. ЖӨБ органы тургундар артыкчылыктуу деп тандаган маселени чечүү үчүн биринчи кезекте каражат издеши керек эле. Бул долбоор үчүн чогулуштун катышуучуларынын көпчүлүгү добуш берди жана айыл өкмөтү каражат издөө үчүн өтүнмө даярдоого киришти. Ошентип, бул долбоор ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын конкурсуна жиберилди. Конкурстун жеңүүчүсү деп табылгандан кийин Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине 1 000 000 (бир миллион) сом түштү. Бул акчага жергиликтүү бюджеттен 100 000 (жүз миң) сом кошуп, бала бакчаны толугу менен жабдып, калктын артыкчылыктуу маселеси чечилди – мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттар түзүлдү", – деп айтты Александровка айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Данияр КАЙНАЗАРОВ.

Гранттык долбоорду ишке ашыруу процессинде товарлар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык сатып алынды. Айыл өкмөттүн кызматкери мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу боюнча Долбоор уюштурган тренингге катышты. Александровка айыл өкмөтү өткөргөн бир катар конкурстардын жыйынтыгы боюнча жеңүүчүлөр деп "Азат мебель" жана "Тотал Сервис" компаниялары табылды. Долбоордун алкагында балдар үчүн эмеректер, төшөктөр, шейшептер, тиричилик жана компьютердик техника, ашкана эмереги жана музыкалык аспаптар сатып алынды.

Бала бакчаны ачуу аземине Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Ыйгарым укуктуу жана Толук укуктуу Элчиси Вероник УЛЬМАН айым да катышты. Элчи өз сөзүндө муниципалитеттин бардык жашоо-чуларын бала бакчанын ачылышы менен куттуктап, Швейцария элинин колдоосу менен Швейцария Өкмөтү мындан ары да Кыргызстандын өнүгүүсүнө салым кошо берээрин белгиледи: "Мен бүгүн бала бакчанын ачылышына катышып жатканыма абдан кубанып турам. Билим берүү – бул мындан ары өнүгүү үчүн артыкчылыктуу маселе. Бул ошондой эле жарандардын, өзгөчө аялдардын чечим кабыл алуу процесстерине катышуусу өтө маанилүү болгонун, жалпысынан жамааттын өнүгүүсүнө таасир тийгизип жатканын далилдеп турат. Ошондой эле бул Швейцариядагы демократиянын борбордук элементи болуп саналат жана мындай ыкма Александровка муниципалитетинде да борбордук элемент болгонуна кубанып турам. Дал ошондуктан биз жарандардын чечим кабыл алуу процесстерине түз катышуусу өнүгүүгө жеткирээрин Кыргызстандын өкмөтүнө көрсөтүп берүүгө аракетенип жатабыз", – деп айтты Вероник Ульман айым.



Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ бардык жашоочуларды бала бакчанын ачылышы менен куттуктап, жергиликтүү бюджеттин каражатын ачык-айкын жана натыйжалуу пайдаланууга үндөдү.

Өз кезегинде Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА жашоочуларды куттуктап, муниципалитеттин ар бир айылында ушул өңдүү бала бакчалардын ачылышын каалады. ДОБРЕЦОВА жарык көчөлөр, жакшы жолдор, үйдөн чыгып турган ичүүчү суу, канализация өңдүү, шаардыктарга жеткиликтүү болгон бардык шарттар муниципалитеттерде да пайда болушун каалап, буларга жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын кызматташуусу аркылуу жетүүгө чакырды.

Кореялык World Share компаниясынын өкүлү да, Чүй облусунун Москва районунун башчысынын орун басары да, Кыргызстандагы дунгандар ассоциациясынын өкүлү да, Беш-Корук айылындагы орто мектептин директору да жылуу сөздөрүн айтышты.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун төрайымы Разия ЛИВАЗАнын айтымында, башында бул маселени чечүү мүмкүн болгонуна эч ким ишенген эмес. "Бул түштөй эле болду! Биз бала бакчалуу болдук! Бул болсо биздин активисттердин ЭҮЖӨБОЖ Долбooруна катышуусунун натыйжасында ишке ашты. Жигердүү болуп, күч-аракетибизди бириктирсек, бардык маселелерди чече алаарыбызга көзүбүз жетти. Бюджетти бөлүштүрүп жатышканда бизди уга башташты. Активдүү колдообуз менен айыл өкмөтү жана айылдык кеңештин депутаттары артыкчылыктуу маселелерибизди чечип жатышат".

## Ош жана Нарын облустарындагы 23 муниципалитеттин ЖӨБ органдарынын башчылары ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен гранттык макулдашууларга кол коюшту



2018-жылдын 23-мартында Бишкекте ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – Чакан гранттар программасы конкурсунун жеңүүчүлөрү ортосунда Гранттык макулдашууларга кол коюлду.

Иш-чарага Швейцариянын КРдагы Элчилигинин Миссия башчысынын орун басары Даниэль Мевли МОНТЕЛЕОН айым, КР Өкмөт Аппаратынын Аймактык башкаруу-ну уюштуруу иш бөлүмүнүн Жергиликтүү өз алдынча башкаруу секторунун башчысы Жеңишбек АСАНКУЛОВ, КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) директору Бахтияр САЛИЕВ, КР ЖӨБ Союзунун директору Өмүрбек АЛМАНБЕТОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ, ЖӨБ органдарынын башчылары жана өкүлдөрү, Ош жана Нарын облустарынын, Бишкек шаарынын журналисттери катышты.

Иш-чаранын ачылышында Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ ЖӨБ органдарынын башчыларын куттуктап, конкурска эки облустагы муниципалитеттерден 121 өтүнмө түшкөнүн, алардын ичинен конкурстук комиссия Долбоордун критерийлерине жана талаптарына жооп берген 80 өтүнмөнү карап чыкканын белгиледи: 2018-жылы гранттын суммасы бир долбоор үчүн 1 000 000 сомду түздү. Конкурска түшкөн бардык өтүнмөлөр реалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Бул көйгөйлөрдү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурган коомдук угуулар жана айылдагы чогулуштар маалында жергиликтүү жамаат өзү тандап алган. ЖӨБ органдары долбоорлорду мыйзамдарга ылайык ишке ашырышат. Жергиликтүү кеңеш жана жергиликтүү жамаат бул долбоорлордун ишке ашырылышына тикелей көз салып турат".

Конкурстук комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын Өкмөт аппаратынын, КР Финансы министрлигинин, ЖӨБЭММАнын, КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун, Өнүктүрүү саясат институтунун жана Долбоордун өкүлдөрү кирди. Комиссия эң көп упай алган 38 долбоорду жеңүүчү деп тандады (таблица).

Жеңүүчүлөрдү куттуктап жатып, Жеңишбек АСАНКУЛОВ Кыргыз Республикасындагы аймактардын өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салымы үчүн Швейцария Өкмөтүнө жана Долбоордун атка-



руучуларына КР Өкмөтүнүн атынан ыраазычылыгын билдирди: “Мен Чакан гранттар программасы конкурсунун бардык жеңүүчүлөрүн чын жүрөгүмөн куттуктап, бул долбоорлор сапаттуу жана өз убагында ишке ашырылат деп ишенем. Урматтуу ЖӨБ органдарынын башчылары! Түйшүгү көп ишиңизди жергиликтүү тургундардын муктаждыктарын жана пикирин эске алуу менен сапаттуу жана ак ниеттен жасап жатканыңыз үчүн рахмат”.

Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Миссия башчысынын орун басары Даниэль Мевли МОНТЕЛЕОН айым өз сөзүндө жарандардын бюджеттик процесске катышуусу абдан маанилүү болгонун белгиледи. Себеби бул ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин күчөтүп, бюджеттик каражаттарды жамаат муктаждыктарына жооп бергидей максаттуу пайдаланууда ачык-айкындуулукту камсыз кылат: “Жергиликтүү өз алдынча башкарууга колдоо көрсөтүү Швейцариянын Кыргызстан менен кызматташуусундагы өтө маанилүү тема болуп саналат. Мисалы, жакында эле ушундай эле сертификаттар Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Чүй облустарындагы ЖӨБ органдарына тапшырылган эле. Ал эми бүгүн 38 миллион сомго сертификаттар Ош жана Нарын облустарындагы 23 муниципалитетке берилип жатат. Бул болсо жамааттын артыкчылыктарын биргелешип аныктоодо муниципалитеттер менен жарандардын өз ара аракеттенүүсү, жергиликтүү бюджетти ачык-айкын бөлүштүрүү Кыргызстанда кеңири жайылган көрүнүшкө айланып бараткандыгынан кабар берет. Ошондой эле жарандардын жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуусуна катышуу практикасын келечекте да бекемдөөгө жардам бере турган аспаптарды жана жол-жоболорду түзүү маанилүү. Мен сиздин муниципалитетиңизде жарандардын бюджеттик процесске катышуусу туруктуу негизде ишке аша баштайт деп үмүтөтөм. Себеби бул демократиянын маанилүү элементи болуп саналат. Бул элемент жергиликтүү бюджеттерди натыйжалуу пайдаланууну мүмкүн кылып, жергиликтүү бийликтин жарандар алдындагы жоопкерчилигин күчөтөт”, – деп айтты Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Миссия башчысынын орун басары Даниэль Мевли МОНТЕЛЕОН.

ЖӨБЭММАнын директору Бахтияр САЛИЕВ да жеңүүчүлөрдү куттуктап, конкурска түшкөн долбоордук өтүнмөлөрдү баалоо процессине кененирээк токтолду: “Баалоо абдан объективдүү жүргөнүн баса белгилегим келет. Буга байланыштуу Монтелеон айымга, Швейцария Өкмөтүнө жана Долбоордун аткаруучуларына ушул өңдүү конкурстарды өткөрүп жатканда колдонулган механизм үчүн өзгөчө ыраазычылыгымды билдирем. Биздин өлкөдө түрдүү донорлордун колдоосу менен көптөгөн долбоорлор жана программалар ишке ашырылып келатат. Бирок өтүнмөлөрдү карап, баалоодо толук анонимдүүлүк механизми ушул гана Долбоордо колдонулат. Мындан тышкары гранттык каражаттар жергиликтүү бюджетке түз түшкөнү да өзгөчө бир элемент. Себеби мындай механизм башка долбоорлордо жок. Ошондуктан 23 муниципалитет татыктуу жеңишке жетти деп эсептейм”.

Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА да жеңүүчүлөрдү куттуктап, көрсөткөн жардамы үчүн Швейцария Өкмөтүнө ыраазычылыгын билдирди. Добрецова өтүнмөлөрдүн саны өтө көп болгонун, жогорку упай алган өтүнмөлөрдүн басымдуу бөлүгүн аялдар даярдаганын баса белгиледи: “Адегенде биз муниципалитеттер конкурска жигердүү катышып жатат деп абдан кубанганбыз – бул биздин эмгегибиз, жетишкендигибиз. Бирок андан соң бул ийгилик эмес, көйгөй экенин түшүндүк. Себеби муниципалитеттерде өздөрүнүн курч көйгөйлөрүн чечүү үчүн инвестиция табууда каражаттарды издөөнүн башка мүмкүнчүлүктөрү жок экен. Мурда Кыргыз Республикасынын аймагында көптөгөн донордук уюмдар иштечү, бирок бүгүн бул каржылоо бир кыйла кыскарды. Муну биздин Өкмөтүбүзгө белги катары да караса болот. Себеби аймактарды өнүктүрүү үчүн масштабдуу инвестициялар талап кылынууда. Ар кайсы жылдары өткөрүлгөн конкурстарда гендерге карата анализ жасап көрүп, кызыктуу фактты аныктадык. Сиздерге белгилүү болгондой, долбоорлор айылдык чогулуштар маалында өз ара атаандашкан эле. Бул чогулуштарда жергиликтүү тургундар долбоорлорго добуш беришкен. Статистика боюнча башында аялдар турган демилгелүү топтор даярдаган долбоорлор эркектер башында турган топторго караганда эки эсе ийгиликтүү болгон. Балким аялдарда өзгөчө мотивация болгон үчүн

## ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун 2018-жылдагы Чакан гранттар программасы

| № | Муниципалитет, район | Долбоордун маңызы |
|---|---|---|
| **Нарын облусу** | | |
| 1 | Ак-Муз АА, Ат-Башы району | Мектептеги билим берүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү (мектептин ремонту: терезелерди жана каалгаларды алмаштыруу) |
| 2 | | Мектепке чейинки билим берүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү (бала бакча үчүн жабдууларды сатып алуу) |
| 3 | Кара-Суу АА, Кочкор району | Концерттик залдын капиталдык ремонту, жабдууларды сатып алуу. |
| 4 | | Таштанды чыгаруу үчүн атайын техниканы сатып алуу, жер алдынан чыккан сууга, ичүүчү жана сугат сууларга, ошондой эле ички жолдордун ремонтуна байланыштуу маселени чечүү. |
| 5 | Чаек АА, Жумгал району | Мектептин имаратында 50 бала үчүн күнүнө 3 саат иштеген тайпаларды ачуу пландалууда. Бирок терезелерди-каалгаларды оңдоп чыгыш керек. |
| 6 | | Таштанды чыгаруу үчүн атайын техниканы сатып алуу, жер алдынан чыккан сууга, ичүүчү жана сугат сууларга, ошондой эле ички жолдордун ремонтуна байланыштуу маселени чечүү. |
| 7 | Учкун АА, Нарын району | Курулушу башталып калган чакан футбол талаасындагы иштерди бүтүрүү |
| 8 | | Мектептеги жылытуучу системаны оңдоо |
| 9 | Ак-Тал АА, Ак-Талаа району | Мектептин короосунун четтерин тосуу жана таманташ төшөө, мектеп ашканасына жабдууларды сатып алуу |
| 10 | | Спорт клубун оңдоо, элеттик клубга спорттук шаймандарды сатып алуу жана жылытуу системасын оңдоо, бардык жеринде электр зымдарды алмаштырып чыгуу |
| 11 | Кочкор АА, Кочкор району | 1 тайпа үчүн кошумча имаратты куруу |
| 12 | Байзак АА, Жумгал району | 78-мектепте эски жыгач терезелерди пластикке алмаштыруу (252 чарчы метр) |
| 13 | Үгүт АА, Ак-Талаа району | Бала бакчалардын капиталдык ремонту |
| 14 | Ак-Талаа АА, Ат-Башы району | Суу алгыч мунаранын четтерин тосуу жана жаңы суу түтүк линиясын өткөрүү |
| **Ош облусу** | | |
| 1 | Ылай-Талаа АА, Кара-Кулжа району | Бала бакчалардын ремонту, оюн аянтчасынын курулушу. |
| 2 | | 6 км аралыкка жаңы суу түтүк линиясын өткөрүү, суу булагынын тегерегин тосмолоо, дарбазага тээк орнотуу ж.б. |
| 3 | Көк-Жар АА, Ноокат району | Мектептин тегерегин тосмолоо (400 метр) |
| 4 | | АӨ имаратын оңдоо жана жабдууларды сатып алуу |
| 5 | Ак-Жар АА, Өзгөн району | Бала бакчага берүү үчүн ФАП имаратын оңдоо |
| 6 | | Маданият үйүнүн имаратына капиталдык ремонт жасоо |
| 7 | Бүлөлү АА, Алай району | Мектептеги терезелерди пластикке алмаштыруу |
| 8 | | Мектептеги жылытуучу системаны оңдоо |
| 9 | Маңгыт АА, Араван району | 25 орундуу бош турган имаратка капиталдык ремонт жасоо |
| 10 | | Спорт залга капиталдык ремонт жасоо |
| 11 | Шарк АА, Кара-Суу району | Жол боюнда тротуарларды куруу |
| 12 | | Эки мектептин аймагын тосмолоо, асфальт жана таманташ төшөп чыгуу |
| 13 | Гүлистан АА, Ноокат району | Скважинаны бургулоо, насосту орнотуу жана 3 000 метр суу түтүк линиясын өткөрүү, суу колонкаларын орнотуу. |
| 14 | | Мектепке жабдууларды сатып алуу |
| 15 | Жазы АА, Өзгөн району | 6 км аралыкка жаңы суу түтүк линиясын өткөрүү, суу булагынын тегерегин тосмолоо, дарбазага тээк орнотуу ж.б. |
| 16 | | Спорт шаймандарын сатып алуу |
| 17 | Кызыл-Суу АА, Кара-Суу району | Суунун көлөмүн көбөйтүү үчүн булакта капражды куруу, суу алгыч мунаранын четтерин тосмолоо, бактерициддик лампаны орнотуу |
| 18 | | Көчөлөргө жарык орнотуу |
| 19 | Чоң-Алай АА, Чоң-Алай району | Көчөлөргө 5000 метр аралыкка 130 даана прожекторду орнотуу |
| 20 | | Мектеп үчүн жабдууларды сатып алуу |
| 21 | Мирмахмудов АА, Ноокат району | Мектеп ашканасын, жаңы дааратканы жана оюн аянтчасын куруу |
| 22 | Мады АА, Кара-Суу району | Жылытуучу системанын реконструкциясы, бала бакчанын терезелерин жана каалгаларын алмаштыруу. |
| 23 | Сары-Булак АА, Кара-Кулжа району | Суу түтүк системасын оңдоо |
| 24 | Төлөйкөн АА, Кара-Суу району | Клуб (маданият үйү) үчүн жабдууларды сатып алуу |

ушундай болуп жатат. Себеби алар сууга, мектепте жана мектепке чейинки билим берүүгө байланышкан көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүгө аргасыз. Аялдар өтүнмөлөрдү даярдоого өзгөчө көңүл бурушкан. Бул болсо өз кезегинде жамаатты дал ушул долбоор өтө маанилүү болгонуна ынандырган. Ошондуктан ЖӨБ органдарынын жетекчилеринен ушул өңдүү жумуштарды аялдарга көбүрөөк ишенип берүүнү өтүнөт элем".

Сертификаттарды алгандан кийин ЖӨБ органдарынын башчылары Долбоордун алкагында уюштурулган тренингдер, кеп-кеңештер жана тажрыйба алмашуу сапалары үчүн ыраазычылыгын билдиришти. Себеби дал ушул факторлор атаандаштарын жеңип чыгууга жардам берген.

Ош облусундагы Жазы айыл өкмөтүнүн башчысы Максатбек ИБРАИМОВ кээде максаттуу эмес муниципалитеттердеги кесиптештерине боору ооруй турганын айтты. Себеби Долбоордун иш-чараларына катышкандан кийин гана демократиялык башкаруунун негиздери тууралуу айрым нерселерди билбегенин баамдаган: "Мисалы, окуу сапарынын алкагында Чүй облусундагы Ак-Башат айылдык аймагына баргандан кийин гана өз муниципалитетибизге кайтып келип, айрым нерселерди



өз жерибизде жасадык. Мындан тышкары жамаатыбыздын муктаждыктарын аныктоо процессинде биз көп нерсени билдик. Биз ушул 2 миллион сомдун жардамы менен эки көйгөйдү чечебиз. Бирок мындан тышкары да кандай көйгөйлөр бар экенин, жашоочулар үчүн кайсылары артыкчылыктуу болгонун билип калдык. Ошондой эле Долбоор бюджетибиздин ачык-айкындуулугун камсыз кылууга жардам берди, ушундай ачык-айкындуулук канчалык пайдалуу болгонун көрсөттү. Мурдагы башчылар мындай ачыктыктын кесепеттери кандай болоорун сурап, башында кооптонушкан эле. Бирок азыр биз ачык болуу бардык жерде жардам болуп, ишибизди жеңилдетип жатканын билип калдык".

## Айыл өкмөттү сертификаты бар адистер көбөйдү



Гранттык каражаттар – жергиликтүү бюджеттин каражаттары. Алар айыл өкмөттүн эсебине түз которулат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы бул акча жана анын сарпталышы үчүн толук жоопкерчилик алат. Жумуштарды, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана түрдүү кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу керек. Сатып алууларды уюштуруу үчүн сертификаты бар адис тартылууга тийиш – бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабы. Бул талаптарга аткаруу үчүн Ош жана Бишкек шаарларындагы КР Финансы министрлигинин Окуу борборунун базасында ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында бардык грант алуучулар үчүн окуулар уюштурулган.

Беш күн бою катышуучулар мыйзам чыгаруу чөйрөлөрүндө мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн жол-жоболоруна коюлган талаптар менен таанышып чыгышты, электрондук мамсатып алуулар порталында иштегенди, конкурстук документацияны түзгөндү үйрөнүштү, квалификациялык талаптарды жана техникалык өзгөчөлүктөрдү карап чыгып, мамсатып алуулардын Планын түзүп, ага өзгөртүүлөрдү киргизгенди өздөштүрүштү, бул чөйрөдөгү даттанууларды, нааразылыктарды кароонун, конкурстук комиссияны түзүү механизмдери менен таанышты. Семинарлардын практикалык бөлүгү маалында мисал катары катышуучуларга реалдуу сандар жана кырдаалдар сунушталды.

Катышуучулардын айтымында, окуу өз убагында уюштурулуп, ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун гранттык каражаттары жумшалган долбоорлорду ишке ашыраардын алдында өтө зарыл жардам болду.

"Мен буга чейин такыр эч нерсе билген эмесмин деп айта албайм. Бирок беш күндүк окуу мага буга чейин кетирген каталарымды көрүп, түшүнүүгө жардам берди. Эми алган билимимди колдонуп, бардык мамсатып алууларды мыйзамдардын алкагында жүргүзө алам жана бир топ каталарды болтурбайм", - деп айтты Нарын облусунун Байзак айыл өкмөтүнүн башчысы Каныбек НАСЫБАЛЫ УУЛУ.

Белгилей кетчү нерсе, 2018-жылы окуу мамлекеттик тилде өткөрүлдү.





# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## ЭСӨМ Мамлекеттик социалдык заказдын Программасын иштеп чыгууда жардам алды





Бишкекте Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (ЭСӨМ) Борбордук аппаратынын өкүлдөрү үчүн "Мамлекеттик социалдык заказдын Программасын иштеп чыгуунун өзгөчөлүктөрү" темасына семинар өттү. Семинар коомдук талкуу үчүн Министрликтин сайтына жайгаштырылган Программаны деталдуу карап чыгуу жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү максатында уюштурулду. "2018-жылга мамлекеттик социалдык заказдын Программасынын долбоору ЭСӨМдин сайтында ушул жылдын январь айынын соңунда талкууга коюлган. Семинардын жүрүшүндө МСЗ Программасын иштеп чыгууга түздөн түз тартылган ЭСӨМ өкүлдөрүнө Программаны мыйзамдарга шайкеш келтирүү бөлүгүндө жакшыртуу боюнча сунуштар берилди. Бул сунуштарды "Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин потенциалын күчөтүү" Долбоорунун адистери даярдаган[1], - деп айтты Долбоордун операциялык иштер боюнча менеджери Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА.

[1] "Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин потенциалын күчөтүү" Долбоорун Өнүктүрүү саясат институту АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) каржылаган Биргелешип башкаруу боюнча программасынын колдоосу менен ишке ашырууда. Долбоордун максаты: Социалдык заказдын бекитилген механизмдерине ылайык, социалдык заказдардын ишке ашырылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү жаатында адам ресурстарын жана уюштуруучулук көндүмдөрдү өнүктүрүү менен Социалдык өнүгүү министрлигине, пилоттук муниципалитеттердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана бейөкмөт уюмдарга техникалык көмөк көрсөтүү. Биргелешип башкаруу боюнча программа (ББП) Кыргыз Республикасында өкмөттүн, жарандык коомдун жана жеке сектордун өнөктөштүгүн бекемдөөгө багытталган. Программаны АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги (USAID) жана Улуу Британиянын Эл аралык өнүгүү боюнча министрлиги (DFID) каржылап, Ист-Вест Менеджмент Институту (EWMI) ишке ашырат.

## ЭСӨМ мамлекеттик социалдык заказдын аткарылышына мониторинг жана баалоо системасын түзүүдө жардам алды

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (ЭСӨМ) Борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү коомдук пайдалуу долбоорлорго мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасын түзүүнүн жана колдонуунун өзгөчөлүктөрү менен таанышып чыгышты. Тренинг КР Өкмөтүнүн №814 Токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууну контролдоо, мониторингдөө жана баалоо тартибин" жайылтуу жана аткаруу боюнча ЭСӨМге көмөк көрсөтүү максатын көздөдү.

Эки күндүк тренингдин жүрүшүндө катышуучулар тренерлер менен биргеликте мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө мыйзамды кабыл алуунун, коомдук пайдалуу долбоорлорго мониторинг жана



баалоо жүргүзүү зарылчылыгынын натыйжасында пайда болгон жаңы башкаруучулук практиканын түзүлүшү менен таанышып чыгышты; "Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууну контролдоо, мониторингдөө жана баалоо тартиби" документи менен таанышты; ЭСӨМдин мониторинг жана баалоо системасын, аны жүргүзүүдө бөлүмдөрдүн өз ара аракеттенүү тартибин жана негизги принциптерин карап чыгышты. Ошондой эле тренингдин катышуучулары бөлүмдөрдүн натыйжалуулугунун индикаторлорун аныктоо маселелерин жана мониторинг менен баалоодо колдонулган коомдук пайдалуу долбоорлордун милдеттерин карап чыгышты.

Катышуучулар алган билимин практикада бекемдеп алышты. Алар мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө баа берүү индикаторлорун пландоодо, даярдоодо жана формулировкалоодо бөлүмдөрдүн өз ара аракеттенүүсү боюнча, ЭСӨМдин МжБ моделин талкуулоо жана ишке ашыруу боюнча, жыйынтыктарга анализ жасап, сунуштамаларды даярдоодо бөлүмдөрүнүн өз ара аракеттенүүсү боюнча топтук иштерди аткарышты. Топтун өкүлдөрү бул сунуштамаларды тартуулагандан кийин аны бардык катышуучулар чогуу талкуулашат. "Экинчи күндүн соңунда биз катышуучулар менен биргеликте социалдык долбоорлорго мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн күтүлгөн жыйынтыктарды, тапшырмаларды жана индикаторлорду аныктап алдык. Ошондой эле социалдык заказдын алкагында ишке ашырылган коомдук пайдалуу долбоорлорго мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары боюнча чечимдерди кабыл алуунун жана жыйынтыктарды жайылтуунун принциптерин карап чыктык", – деп айтты Өнүктүрүү саясат институтунун тренери Нурдин КҮМҮШБЕКОВ.

Ошондой эле тренингдин жүрүшүндө катышуучулар мониторинг жана баалоону аймактык бөлүмдөр менен өз ара аракеттенүү ракурсунан жүргүзүүнүн тартибин карап чыгышты. Жаңы билимдин теориялык бөлүгүн алгандан кийин катышуучулар тренерлер менен биргеликте анкетаны карап чыгышты жана сурамжылоо жүргүзүүнүн принциптери менен таанышты. Бул үчүн сурамжылоо жүргүзүлүп жаткандай оюн ойношуп, кезек кезеги менен интервью алуучу жана интервьюердин ролун аткарышты.

Тренингдин финалдык бөлүгүндө катышуучулар MS Excel форматында дайындар базасын биргелешип толтуруу процесси менен таанышты. Ар бир катышуучу үй тапшырмасы катары базаны өз алдынча толтуруп чыкты.

## ЖӨБ органдары мамлекеттик социалдык заказды социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн башкаруучулук аспабы катары колдонгонду үйрөнүшүүдө



Мамлекеттик социалдык заказды колдонууга кызыкдар болгон ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү үчүн "Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин потенциалын күчтөндүрүү" Долбоорунун алкагында тренингдер уюштурулду. Бул тренингдер "Жергиликтүү деңгээлде социалдык кызмат көрсөтүүлөр" жана "Жамааттардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоо. Мамлекеттик социалдык заказдын программасы" деген темаларга өттү.

Катышуучуларга КР мамлекети тарабынан кепилденген социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, берилген ыйгарым укуктардын алкагындагы кызмат көрсөтүүлөр, жергиликтүү маанидеги маселелер, мамлекеттик социалдык заказдын түшүнүгү, МСЗ боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алуунун алгоритми жөнүндө маалыматтар берилди.

Кызмат көрсөтүүлөр боюнча теманы карап жаткан маалда катышуучулар бир нече суроолорду узатышты. Мисалы, эмне үчүн ЭСӨМ социалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп бербейт? Жаңы конуштарда социалдык көйгөйлөрдү чечүүнү кантип уюштурса болот? Эгерде бул чөйрөдөгү ыйгарым укуктар ЭСӨМдө гана болсо, жер-жерлерде социалдык өнүгүүнүн жыйынтыктарына кантип жетсе болот? Балдардын өнүгүүсүнө комплекстүү мамилени социалдык жана билим берүү ведомстволорго бөлүп берүү менен муну кантип камсыз кылса болот?

Жамааттын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө изилдөө жүргүзүүнүн усулдары боюнча катышуучулар ЖМБА усулдары менен таанышып чыгышты: фокус-топту уюштуруп, аны өткөрүүнүн жолдору, "Көйгөйлөр галереясы", себептик-натыйжа байланыштары усулдарын пайдалангандı үйрөнүштү. Ошондой эле катышуучулар изилдөө боюнча отчетту даярдоонун формасы менен таанышып, изилдөөнүн жыйынтыктарын сайтта же маалымат тактасында жарыялоо эмне үчүн зарыл болгонун билишти.

Тренингдин экинчи күнү "Жамааттардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоо. Мамлекеттик социалдык заказдын программасы" деген темада өттү. Анын жүрүшүндө катышуучулар биринчи күнү чакан топтордо даярдаган ишинин жыйынтыктары менен тааныштырышты. Мында алардын алдына тапшырма коюлду – жамааттын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоо боюнча иш-чараларды пландоо процессинде пайда болгон көйгөйлөрдү сүрөттөп берүү. Катышуучулар жамааттын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө болгон муктаждыктарын жана керектөөлөрүн изилдөө усулдары менен таанышып, фасилитация, МСЗ программасын даярдоо жана МСЗ программасын ишке ашыруу боюнча планды даярдоо көндүмдөрүн өздөштүрүштү.

## Кыргызстан балдар жана карылар үчүн ыңгайсызбы?



Эмне үчүн региондордо майыптар үчүн реабилитация борборлору жабылып жатат? Эмне үчүн жалгыз калган карылар интернаттардан башка жакка бара алышпайт? Жергиликтүү деңгээлде социалдык кызмат көрсөтүүлөрсүз Кыргыз Республикасында социалдык өнүгүүнүн келечеги кандай болот? Эмне үчүн Кыргыз Республикасында бийлик жер-жерлерде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу иштерин кечеңдетип жатат?

2018-жылдын 30-мартында Бишкекте балдар, кары-картаңдар жана башка аярлуу топтор үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөргө карата кырдаалды талкуулоо боюнча тегерек стол өттү. Иш-чарага эксперттер, жарандык коомдун өкүлдөрү, Ак-Суу районунун Ново-Вознесеновка айылында жана Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарында жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштургандар жана бенефициарлар катышты.

Иш-чаранын максаты: жергиликтүү деңгээлде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу маселелери боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетинин демилгесине карата (демилгенин өзөгү – ЖӨБ органдары аркылуу социалдык кызмат көрсөтүүлөр системасын уюштуруу) жарандык коомдун тилектеш позициясын иштеп чыгуу.

"Жалпыга маалымдоо каражаттарында кордолгон балдар, кароосуз калган кары-картаңдар, ачка отурган үй-бүлөлөр тууралуу жүрөктү эзген кабарлар байма-бай чыгып жатат. Бийлик тигил же бул окуяны жекече карап, ошого жараша реакция жасап келүүдө. Бирок системалуу деңгээлде ЭЧ НЕРСЕ жасалган жок. Мындай кырдаалдардын алдын алган социалдык кызмат көрсөтүүлөр чоң шаарларда жана айрым район борборлорунда гана бар. Кыргызстандын аймагынын 70% социалдык кызмат көрсөтүүлөр ЖОК. Бирок ошол эле маалда жергиликтүү деңгээлде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жолу менен көйгөйлөрдү системалуу түрдө чечүү боюнча КР Жогорку Кеңешинин сунуштары бар. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу системасына кошуп, мындай жол менен аларды өлкөнүн бүткүл аймагында жеткиликтүү кылуу ошол сунуштардын маңызын түзөт. Бирок бул демилгелер белгисиз себептерге байланыштуу өкмөттөн жарым жылдан бери "чыкпай турат".

Жарандык коом бөлүнүп, саясатчыларга коомдук пикирди манипуляциялоого жол берип жатканы да кырдаалды татаалдаштырууда, - дейт Өнүгүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Кыргыз Республикасынын социалдык-аярлуу калкы үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөр рыногун туруктуу өнүктүрүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча Жумушчу топтун мүчөсү Надежда ДОБРЕЦОВА. Аталган Жумушчу топ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо комитетинин 2016-жылдын 24-октябрындагы чечими менен түзүлгөн.

Талкуунун жүрүшүндө Жумушчу топтун мүчөлөрү бул маселени илгерилетүү процессиндеги жетишкендиктер жана көйгөйлөр тууралуу маалымат беришти. Эксперттер ошондой эле негизинен жөлөк пул төлөп берүүгө гана багыт алган социалдык коргоо мамлекет үчүн чыгашалуу да, натыйжасыз да болгонун белгилешти.

"Буга байланыштуу сунуштардын маңызын коомго жана башкаруу органдарына жеткирип, демилгенин тарапкерлеринин жана ага каршы чыккандардын жүйөлөрүн угуп, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жаатында КР Өкмөтүнө жана Жогорку Кеңешке туура чечим кабыл алууга жардам берүү үчүн баарыбызга ар тараптуу колдоо зарыл, - деп айтышты тегерек столдун уюштуруучулары.

Реабилитациялык борбордо түзүлгөн кырдаал тууралуу Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун Ново-Вознесеновка айылында жайгашкан "Thank you" коомдук бирикмесинин директору Гүлмира ТУРДУЕВА жана бул мекеменин түз бенефициарларынын биринин апасы Бактыгүл АЗАРБАЕВА айтып беришти.

Иш-чара "презентация-талкуу" форматында өтүп, тактоочу суроолор жана сунуштар менен коштолду. Ошондо айтылган сунуштар өзүнчө тизмеге киргизилди. Талкуунун соңунда катышуучулар Кайрылууга кол коюшту.

### Кыргыз Республикасынын Президентине, Премьер-министрине жана Жогорку Кеңешине

### ЖАРАНДЫК КООМДУН КАЙРЫЛУУСУ

***Жергиликтүү деңгээлде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алууңузду өтүнөбүз!***

Биз, жарандык коомдун өкүлдөрү жана активисттер биригип, Кыргыз Республикасынын Президентинен, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынан аймактарда, жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө көңүл бурууну суранабыз.

Аймактарды өнүктүрүү айыл өкмөтүнүн жана



шаарлардын деңгээлинде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү менен түздөн түз байланышта турат. Анткени социалдык кызмат көрсөтүүлөр өтө көп сандагы үй-бүлөлөрдү – келечекте 500 миңге жакын адамды жакырчылыктан сууруп чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында кордолгон балдар, кароосуз калган кары-картаңдар, ачка отурган үй-бүлөлөр тууралуу жүрөктү эзген кабарлар байма-бай чыгып жатат. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын энелеринин эмгегин таануу жөнүндө талаптар 2012-жылдан бери аткарылбай келүүдө. Үй-бүлө институту бузулуп жатат. Социалдык жетимдердин – ата-энеси тирүү болсо да жетим калган балдардын саны көбөйүүдө. Алар түрдүү социалдык интернаттык мекемелерге жайгаштырылып, өмүрү өткөнчө жакырчылыктын сазынан чыга албай келишүүдө.

Негизинен жөлөк пул төлөп берүүгө гана багыт алган социалдык коргоо мамлекет үчүн чыгашалуу да, натыйжасыз да болот.

Бийлик тигил же бул окуяны жекече карап, ошого жараша реакция жасап келүүдө. Бирок системалуу деңгээлде ЭЧ НЕРСЕ жасалган жок. Мындай кырдаалдардын алдын алган социалдык кызмат көрсөтүүлөр чоң шаарларда жана айрым район борборлорунда гана бар. Кыргызстандын аймагынын 70% социалдык кызмат көрсөтүүлөр ЖОК.

Бирок ошол эле маалда жергиликтүү деңгээлде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жолу менен көйгөйлөрдү системалуу түрдө чечүү боюнча КР Жогорку Кеңешинин сунуштары бар. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу системасына кошуп, мындай жол менен аларды өлкөнүн бүткүл аймагында жеткиликтүү кылыш керек.

Бирок бул демилгелер белгисиз себептерге байланыштуу өкмөттөн дээрлик беш айдан бери "чыкпай турат".

Биз баарыбыз КР Премьер-министринен жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарынан "Мамлекеттик кепилденген социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүүнүн тартиби жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоорлорун кабыл алып берүүнү өтүнөбүз.





# Муниципалитетти көрктөндүрүүдөн түшчү пайданы кантип эсептеш керек жана көчөлөрдүн ремонту шаарга жана анын экономикасына кандай таасирин тийгизет?



Өнүктүрүү саясат институту "Шаар демилгелери" коомдук бирикмеси менен биргеликте Strelka Institute for Media, Architecture and Design аттуу Шаардык экономика борборунун жетекчиси Елена КОРОТКОВАнын көчмө лекциясын уюштурду.

2018-жылдын 10-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында (КРПМБА) лекция өттү. Бул лекция "Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу: абалы жана келечеги – 2018" жаш изилдөөчүлөрдүн IV илимий-практикалык конференциясына докладдардын конкурсунун жана Мыкты муниципалдык практикалардын V Эл аралык форумунун алкагында уюштурулду. Иш-чарада "Стрелка" КБ Шаардык экономика борборунун жетекчиси Елена КОРОТКОВА[1] баяндама жасады. Лекцияга докладдар конкурсунун катышуучулары, шаарды көрктөндүрүү жана пландоо чөйрөсүндөгү эксперттер, КРПМБАнын магистранттары жана студенттери катышты. КОРОТКОВА шаарды көрктөндүрүүдөн түшчү пайданы кантип эсептеп чыкса болоорун жана көчөлөрдүн ремонту шаарга жана анын экономикасына кандай таасирин тийгизе алаарын айтып берди.

Түшүнүктүү болушу үчүн тема төмөнкүдөй бөлүмдөргө бөлүштүрүлгөн: Орусиянын шаарларында бюджетке байланышкан окуялар, шаарлар өз тургундарына канча акча сарптайт, көйгөйдү чечүүдө кандай тенденциялар жана негизги чечимдер бар; шаарды ирээтке келтирүү анын экономикасына кандай таасирин тийгизет. Башкача айтканда, коомдук мейкиндикти көрктөндүрүүдөн кандай эффект болот жана ким пайда табат; кандай массалык иш-чаралар жана чоң окуялар шаардын экономикасына таасирин тийгизет.

КӨРКТӨНДҮРҮҮДӨН ЭФФЕКТТЕРДИ КАНТИП ЭСЕПТЕП ЧЫКСА БОЛООРУ ТУУРАЛУУ 5 ТЕЗИС

Шаар бийлиги бир нерсени капиталдык түрдө куруп же оңдой баштаганда адатта коомчулуктун сынына кабылат. "Ушундан көрө мугалимдердин жана дарыгерлердин маянасын жогорулатып, жетимдерге жардам беришсе болмок" деген өңдүү сындар айтыла баштайт. Жыйынтыктар көзгө көп урунбай, ынандыра албай жаткан чакта бийлик өз чечимдерин жакшылап түшүндүрүп, негиздеп берүү үчүн далилдүү база бере албай кыйналат.

АДАМДАР СӨЗГӨ КАРАГАНДА САНДАРГА КӨБҮРӨӨК ИШЕНИШЕТ. Көрктөндүрүүнүн эффекттерине экономикалык анализ жана баалоо жүргүзүү тигил же бул чечимдер калаага жана шаардыктарга узак мөөнөттүү перспективада кандай пайда алып келээрин эсептеп чыгууга жардам берет. "Жаңы асфальт жана жер алдындагы коммуникациялар" тууралуу аткаминерлердин сөздөрүнө караганда акча менен эсептелинген эффекттер бир кыйла ынанымдуу болот.

БААРЫ ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТА ТУРАТ. Көчөлөрдү көрктөндүрүү – бул ремонт жана көзгө урунган өзгөрүүлөр жөнүндө гана эмес. Көрктөндүрүү экономиканын бүтүндөй тармактарын жандандырып, кыймылсыз мүлк рыногуна жана колдонуучулардын профилине таасирин тийгизиши ыктымал. Москвадагы көчөлөрдү реконструкциялап жатканда чоң көлөмдөгү гранит таштарына болгон керектөө бул аймакта гранит таштарын чыгаруу боюнча заводдордун ишин жандандырды. Башкача айтканда, адамдар жумушка алынып, заводдор өздөрүнүн өндүрүштүк фонддорун, техникасын жаңылашты. Бул – көрктөндүрүүдөн түшкөн экономикалык пайда.

АРТЫКЧЫЛЫКТАРДЫН АЛМАШУУСУ. "Менин көчөм" программасы жөнүндө. "Менин көчөм" – бул көчөлөрдү автоунаа жүргөндөн жөө жүргүнчүлөрдүн трафигине өзгөрткөн программа. Москва айдоочуларга согуш жарыялады жана муну жашырган жок. Ондогон көчөлөр тарытылып, машине токтотууга тыюу салынып, тротуарлар кеңейтилип, бак-дарактар отургузулуп жатат. Долбоордун авторлору жөө жүргүнчүлөрдүн ыңгайлуулугуна жана коопсуздугуна басым жасашты. Артыкчылыктарды алмаштыруу мейкиндикти пайдалануу моделине таасирин тийгизди. Адамдардын агымы көбөйдү. Колдонуучулардын портрети өзгөрдү: жөө жүргүнчүлөрдүн трафиги биринчи кезекте массалык товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө багыт алган орто класстын өкүлдөрүнүн эсебинен улам

[1] Елена Короткова, "Стрелка" КБ Шаардык экономика борборунун жетекчиси. 2007-жылдан бери шаар экономикасы, шаардык кыймылсыз мүлктү өнүктүрүү, шаар жерлерин, муниципалдык финансыны жана шаар укуктары маселелерин башкаруу жаатында долбоорлоо жана изилдөө иштерин жүргүзүп келатат. MIT, Harvard University, Cambridge University, Technion — Israel institute of Technology, UN-Habitat, Jones Lang LaSalle өңдүү орусиялык жана эл аралык алдыңкы университеттер менен уюмдарда иш тажрыйбасы мол. 2016-жылдан бери "Стрелка" КБ Шаардык экономика борборун жетектеп келатат.

өсүп жатат. Башка бир маанилүү эффект – ваканттуулуктун төмөндөшү. Коммерциялык кыймылсыз мүлктүн ижарасына суроо-талап оңолуп, бош жаткан имараттардын саны кыскарды.

ИНСТАГРАМ АНАЛИЗДИН АСПАБЫ КАТАРЫ. Адамдар барган сайын көбүрөөк коопсуз, жарык жана кызыктуу жерлерде сүрөткө түшө баштады. Социалдык тармактардын колдонуучулары ушундай жерлерден сүрөттөрдү геотегдер (жердин дареги) менен кошо чыгарып жатышат. Аналитиктер бул маалыматтарды көрктөндүрүүнүн таасирине анализ жасоо үчүн колдонушууда. Жеринде тартылган сүрөттөр канчалык көп болсо, ал жер ошончолук белгилүү болуудa.

САБЫРДУУЛУК. МААЛЫМАТТАР. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ФАКТОРЛОРДУ ЭСКЕ АЛУУ. Көрктөндүрүүгө анализ жасоо убакытты жана аны системалуу түрдө жүргүзүп турууну талап кылат: көрктөндүрүүгө чейин жана андан кийин, бир жыл, эки жылдан соң... Маалыматтар абдан маанилүү. Аларды чогултуп, талдаганды үйрөнүш керек. Маалыматтар кабыл алынган чечимдер канчалык туура болгонун баамдоо үчүн да керек. Маалыматтар өзгөрүүлөрдүн динамикасын көрүп, жумуштардын сапатын андан ары жакшыртуу үчүн далил базаны түзүүгө жардам берет.

Көрктөндүрүүнүн эффекттери тууралуу кеңири макаланы төмөнкү шилтеме боюнча окуй аласыз: https://strelka.com/ru/magazine/2016/09/13/city-economics

# Кыргызстандагы он муниципалитет балдардын жана жаштардын кызыкчылыгындагы демилгелерди жайылтууда: коомдук угуулар

БУУнун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) финансылык колдоосу алдында ишке ашырылып жаткан “Балдарга жана жаштарга достук мамиледеги Кыргызстан” Демилгесин жайылтуу боюнча Долбоордун алкагында коомдук угуулар өттү. Бул угууларда балдардын жана жаштардын кызыкчылыгындагы демилгелерди жайылтуу боюнча айыл өкмөттүн иш-аракеттер Планы талкууланды.

Коомдук угуулар Долбоордун он пилоттук муниципалитетинде өттү. Алар: Ысык-Ата районундагы Кочкорбаев, Ново-Покровка, Люксембург, Юрьевка жана Узун-Кыр айылдык аймактары; Сузак районундагы Таш-Булак, Ырыс, Кызыл-Туу, Курманбаев жана Багыш айылдык аймактары.

“Коомдук угуулар “Балдардын жана жаштардын кызыкчылыгындагы демилгелерди жайылтуу боюнча АӨнүн иш-аракеттер Планы” Долбоору менен тааныштырып, калк менен талкуулап алуу максатында уюштурулду. Бул План буга чейин айылдык аймактардын жумушчу топтору менен иштелип чыккан. Угууларга жалпысынан 387 адам катышып, алардын арасында орто мектептердин окуучулары, мугалимдер, ата-энелер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБ) өкүлдөрү болду, - деп айтты Долбоордун адиси Жылдыз КЕРИМОВА.

Көпчүлүк катышуучулар мындай иш-чаралардын маанисин баса белгилешти. Себеби ушундай угууларды өткөргөндөн кийин алар теманы ачык талкуулап алгандан тышкары ата-энелерден жана окуучулардын өздөрүнөн көптөгөн сунуштарды алышты.

Чүй облусунун Узун-Кыр аймагынын Жер-Казар айылындагы Айдарбеков атындагы орто мектептин мугалими Уулкан КАРАЧАЛОВА окуучулардын жардамы менен көйгөйлөрдү аныктап, аларды айыл өкмөтүнүн иш-аракеттер планына кошкон практика биринчи жолу болуп жатканын белгиледи: “Окуучуларыбыз канчалык жандана түшкөнүн көрүп турам. Долбоор менен кызматташа баштагандан бери аны ишке ашырууга тартылган окуучуларыбыз бир топ ишенимдүү жана сабаттуу болуп калышты. Айыл өкмөтү балдардын, өспүрүмдөрдүн жана калктын жигердүү бөлүгүнүн катышуусу менен ушул өңдүү иш-чараларды мындан ары да уланта берет деп ишенип туралы”.

# Жети-Өгүз айылдык аймагында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн коррекциялык класстар ачылды

2018-жылдын апрель айынын башында Жети-Өгүз айылындагы Данаке Иманов атындагы орто мектептин базасында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарды коомго аралаштырууга жардам берген коррекциялык класстар ачылды. Бул коррекциялык класстар Жети-Өгүз айылынан, ошондой эле айылдык аймактагы 6 калктуу конуштан элүүгө жакын баланы кабыл алалат. Кошуна айылдардан







балдарды мектепке жеткирип турушат. Окуучулардын үчтөн бири мектепке барыша элек.

Мунун алдында Жети-Өгүз айыл өкмөтүндөгү жумушчу топ “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун (Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт[1]) алкагында ДМЧ балдар үчүн билим берүү тармагындагы кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча иш-аракеттер Планын (КЖАП) түзгөн. Конкурстун жыйынтыктары боюнча аталган КЖАП муниципалитетке грант утуп алууга жол ачты.

Мектеп директору, демилгелүү жумушчу топтун мүчөсү Айнагүл КАДЫРКУЛОВАнын айтымында, ооруганына байланыштуу айрым балдар эч качан окуган эмес. Психикалык жактан өнүгүүсү кечеңдеген, ошондой эле көп жакшы сүйлөй албаган балдар да аз эмес. Аларга атайын окутуучу жана коррекциялык сабактар керек. “Ушул таптa утуп алынган грантка мектеп имаратынын бир бөлүгүнө ремонт жасалды, майып балдар үчүн пандустар жана даараткааналарда атайын жабдуулар орнотулду. Өзгөчө муктаждыгы бар балдарды окутуу үчүн жабдуулар жана окуу-методикалык китептер сатып алынды. Жети-Өгүз райондук билим берүү бөлүмү мектептин штаттык ырааттамасын жана мындай класстар үчүн акыны коррекциялык класстар үчүн коюлган талаптарга ылайык бекитти”, - деп белгиледи Айнагүл КАДЫРКУЛОВА.

Коррекциялык класста билим алган окуучунун апасы Нуржамал КАРЫМШАКОВА бардык ата-энелердин атынан жумушчу топко жана “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбооруна ыраазычылыгын билдирди: “Акыры ушундай адистештирилген класс ачылганына абдан кубанып турабыз. Менин баламдын өнүгүүсүндө жылыштар байкала баштады, ага мектеп кызык болуп жатат. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарга да көңүл бурула баштаганына ыраазыбыз. Жакында балдарды үйдөн мектепке ташый турган автобус сатып алынат деп жатышат. Бул да кубанычтуу кабар. Себеби мындай учурда ата-энелерде да бир аз көбүрөөк бош убакыт пайда болмок. Азыр балдарыбыз менен чогуу мектепке барып, сабак бүткөнчө ошол жерде күтүп отурууга мажбур болуп турабыз”.



[1] “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорун Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги каржылайт жана HELVETAS Swiss Intercooperation уюмунун Кыргыз Республикасындагы филиалы менен Өнүктүрүү саясат институту уюмунан турган консорциуму аткарат. Швейцария Өкмөтү Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнө көмөктөшүп, саламаттык сактоо, жеке секторду өнүктүрүү, мамлекеттик секторду реформалоо жана инфраструктура өңдүү тармактардагы долбоорлорду колдоп келет.

# Токтогул районунун үч муниципалитетинде жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөр оңолду

2018-жылдын 23-апрелинде Токтогул районунун үч муниципалитетинде – Жаңы-Жолдо, Токтогулда жана Торкенде жергиликтүү деңгээлде жакшыртылган кызмат көрсөтүүлөрдүн бет ачары өттү. Бул иш-чара Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу”

долбоорунун алкагында уюштурулду. Буга чейин жогорула аталган муниципалитеттер долбоордун алкагында өткөрүлгөн Кызмат көрсөтүүлөрдү Жакшыртуу боюнча Иш-аракеттер Планын (КЖАП) тандаган конкурста жеңүүчү болушкан. КЖАП – бул системалуу усул, ал артыкчылыктуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аныктап алууга, ошондой эле аларды уюштуруу жана аткаруу иштерин пландап, жакшыртууга жардам берет.

Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуунун жалпы суммасы 8 292 440 сомду түздү, алардын ичинен 2 300 240 сому муниципалитеттерди өз салымы.

Жаңы-Жол айылында долбоордун алкагында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү менен алектенген “ДЕКО” муниципалдык ишканасына колдоо көрсөтүлдү. КЖАПтын алкагында Жаңы-Жол айылында долбоордун методикасы боюнча таштанды чыгаруу үчүн тарифтер кайра каралып чыкты. Тарифтер коомдук угуулардын жүрүшүндө калк менен макулдашылды. Кайрадан эсептөөлөрдөн кийин таштанды чыгарууга тариф бир адам үчүн айына 6,2 сомду түздү. Буга чейин ар бир кожолуктан айына 59 сом алынчу. Мунун ичинен 9 сом субсидия түрүндө муниципалитеттин бюджетинен төлөнчү. Ошондой эле муниципалдык ишкананын ишине мониторинг жүргүзүп, өз сунуштамаларын бере турган мониторинг жана баалоо боюнча атайын топ түзүлдү. Мындан тышкары “ДЕКО” муниципалдык ишканасы ТКЧ субъекттерин ыкчам ремонттоп, профилактика жүргүзүүчү атайын техника сатып алды.

“Бул техника ТКЧ шарттарын жогорку деңгээлде камсыз кылууга жардам берет. Биз муниципалдык жолдорду жана суу түтүк трубаларын оңдой алабыз. Муну менен калкты ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылабыз”, - деп белгиледи “ДЕКО” муниципалдык ишканасынын директору МЕКИШОВ Арстанаалы.

Токтогул шаарында долбоордун алкагында таштанды чыгарууга тарифтер кайра каралып чыгып, эсептөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин 18 сомду түздү. Мунун ичинен 10 сомуна жергиликтүү бюджеттен субсидия берилет. Мындан тышкары муниципалитет 4 884 000 сомго Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыкты, анын ичинен 1 450 000 сому муниципалитеттин өз салымы. Аталган пландын алкагында “Ыңгайлуу шарт” муниципалдык ишканасы 3 434 000 сом көлөмүндө грант алды. КЖАПты ишке ашыруунун алкагында муниципалдык ишкана кыш мезгилинде кар тазалап, тайгак жолдорго кум сээп, ошондой эле жолдорду тазалап, сугарып, коркунуч жаратккан бактарды кыюу үчүн атайын техника сатып алды.

Ошондой эле Токтогул шаарында балдардын муниципалдык чыгармачыл үйү оңдолду. Бул үйдө балдар комуз черткенди, англис тилин үйрөнүп, бийге катыша алышат. Мындан тышкары КЖАПты ишке ашыруунун алкагында компьютерлер, түстүү принтерлер, интерактивдүү такталар, бий студиясына күзгүлөр сатып алынды.



Торкен айылында Т.Ашыралиев жана Т.Жундубаев атындагы мектептердин кенже класстарынын окуучуларын ысык тамак менен камсыз кылуу иши оптималдаштырылды. Буга чейин бул мектептерде канализация болгон эмес. Мунун айынан балдар тамактанаар алдында колдорун жууй албай келишкен. Тамак жасоо үчүн жабдуулар да болгон эмес. Ал эми 1968-жылы курулган Т.Ашыралиев атындагы орто мектептин имаратынын абалы өтө начар болчу. “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун жардамы менен имарат оңдолуп, зарыл жабдуулар сатып алынып, канализация өткөрүлдү.

“Мурда мамлекет башталгыч класстардын окуучуларынын тамактануусуна бөлүп келген 10 сом рационалдуу пайдаланылган эмес. Окуучуларга бул акчага чай жана токоч берилчү. Токочтор мектептен 35 км алыстыкта иш алып барган жеке өндүрүшчүлөрдөн сатып алынчу. Эми бардык зарыл жабдуулар колубузга тийгенден кийин биз окуучуларыбызды жакшы ысык тамак менен камсыз кылып жатабыз”, - деп айтты Т.Ашыралиев атындагы мектептин директору.

Жалпысынан республика боюнча Долбоор кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча 38 иш-аракеттер планына колдоо көрсөттү. Мындай колдоонун жалпы суммасы 129 миллион сомдон ашты. Болгондо да муниципалитеттердин өз салымы дээрлик 32 миллион сом болуп, 24% түздү. Жакшыртылган кызмат көрсөтүүлөрдүн арасынан таза сууга туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу боюнча тогуз демилгени, мектепке чейинки жана мектептеги билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча 12 кызмат көрсөтүүнү, муниципалитеттерди көрктөндүрүү боюнча алты планды ж.б. белгилей кетиш керек.





# Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун жаңылыктары



## Кыргызстандын ЖӨБ Союзу өз мүчөлөрү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмегин аныктады

ЖӨБ Союзу өзүнүн уставы боюнча муниципалитеттерге кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири топтомун сунушташы керек. Бул эмне болгон кызмат көрсөтүүлөр? Аларды кантип алса болот? Бул суроолорго жооп берүү үчүн муниципалитет башчыларынан жана ЖӨБ тармагындагы эксперттерден турган атайын уюштурулган фокус-топтордо муниципалитеттердин бүгүнкү күндөгү көйгөйлүү маселелери аныкталды. Ошондой эле бул көйгөйлөрдү чечүүгө көмөк көрсөтүү үчүн Союз берчү кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги түзүлдү. Анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдү эки категорияга бөлүү сунушталды: жалпы кызмат көрсөтүүлөр – мүчө акысынын эсебинен Союз бардык муниципалитеттерге берген кызмат көрсөтүүлөр жана акынын негизинде – айрым муниципалитеттердин жеке суроо-талаптары боюнча кошумча акыга берилген кызмат көрсөтүүлөр. Талкуу төмөнкү схема боюнча өттү. Адегенде муниципалитеттердин ЖӨБ Союзу чечүүгө жардам бериши керек болгон көйгөйлөрү аныкталды. Андан соң көйгөйгө жараша ЖӨБ Союзу өз мүчөлөрүнө бериши керек болгон кызмат көрсөтүүлөр аныкталды. ЖӨБ Союзу чечүүгө жардам бериши керек болгон өзгөчө маанилүү көйгөйлөрдүн катарына катышуучулар төмөнкүлөрдү киргизишти:

- ЖӨБ органдарынын саясий жактан корголбогондугу;
- муниципалитеттерде ички саясатты координациялоонун жоктугу;
- ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын улуттук деңгээлде коргоонун механизминин жоктугу;
- ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзамдардагы кемчиликтер;
- ЖӨБ боюнча ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө ЖӨБ органдарынын пикирлерин эске алуу механизминин жоктугу;
- ЖӨБ органдарын укуктук жактан колдоонун жоктугу;
- ЖӨБ боюнча мыйзамдарга анализ жүргүзүп, чечмелөөдө ЖӨБ органдарына колдоонун жоктугу;
- ЖӨБ органдарында башкаруучулук потенциалдын жетишсиздиги.
- Көйгөйлөрдүн тизмесине ылайык ЖӨБ Союзу өз мүчөлөрүнө бере турган кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги түзүлдү.

## ЖӨБ Союзунун кызмат көрсөтүүлөр тизмеги

| ЖӨБ Союзунун көйгөйлөрү/*Союздун жооп функциялары* | Союздун кызмат көрсөтүүлөрү | |
|---|---|---|
| | жалпы | акыга |
| ЖӨБдүн эффективдүү иши үчүн зарыл маалыматтын жетишсиздиги / *Маалыматтык колдоо* | • web-порталдын коштоосу (билим базасы) – ченемдик-укуктук актылардын тексттерине, басылмаларга жана аналитикалык серептерге жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;<br>• ЖӨБ маселелери боюнча жалпы аналитикалык серептерди иштеп чыгуу;<br>• мыкты практикалар (чет өлкөлүк жана жергиликтүү) менен таанышуу жана жайылтуу;<br>• программалык продукттарды иштеп чыгуу жана ЖӨБдү маалыматташтыруу процесстерин илгерилетүү;<br>• порталда жергиликтүү ЧУАларды жарыялоо;<br>• чет өлкөлүк муниципалитеттер жана эл аралык уюмдар, ассоциациялар менен өнөктөштүк байланыштарды түзүүгө жардам берүү | • аналитикалык изилдөөлөргө түшкөн заказдарды аткаруу |
| ЖӨБ органдарында башкаруучулук потенциалдын жетишсиздиги, жергиликтүү кеңештердин өкүлдөрүндө потенциалдын жетишсиздиги/ *Потенциалды өнүктүрүү* | • ЖӨБдүн актуалдуу темаларын талкууга алып чыгуу (жалпы тематика боюнча конференциялар жана семинарлар);<br>• портал аркылуу окуу материалдарын жайылтуу;<br>• ЖӨБ органдарындагы бош орундар үчүн Мамлекеттик кадр кызматынын тесттерине суроолорду даярдоо жана таратуу;<br>• жамааттар менен иш алып баруу (ЖӨБ органдар ортосунда тажрыйба алмашууну уюштуруу) | • суроо-талап боюнча жеке жана топтук окуулар |
| ЖӨБго тиешелүү мыйзамдардагы кемчиликтер / *Ченем чыгаруучулук ишмердүүлүк* | • колдонуудагы мыйзамдарга анализ жасоо;<br>• улуттук колдонуудагы ЧУАларга өзгөртүүлөрдү даярдоого, жаңы улуттук ЧУАларды иштеп чыгууга катышуу;<br>• муниципалитеттерди ЧУА долбоорлорун талкуулоого тартуу, аларды жайылтуу | |
| Укуктук колдоонун жетишсиздиги (анын ичинде ЖӨБ органдарынын штатында юристтердин жоктугуна байланыштуу) / *ЖӨБго укуктук колдоо көрсөтүү* | • колдонуудагы ЧУАлар боюнча кеп-кеңештерди берүү жана суроолорго түшүндүрмө берүү<br>• жергиликтүү типтүү жоболордун жана ЧУА долбоорлорун иштеп чыгуу;<br>• жалпы маселелер боюнча юридикалык консультациялар;<br>• мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү (суроо-талаптарды даярдоо жана мамлекеттик органдардан суроо-талаптарга расмий жооптордү алуу);<br>• текшерүүлөрдү ирээтке келтирүүдө жардам берүү | • юридикалык колдоо (оор жеке маселелер боюнча юридикалык консультацияларды берүү, келишимдерди түзүү ж.б.)<br>• соттордо өкүлчүлүк кылуу |
| Улуттук мыйзам чыгаруучулук жана Өкмөттүн аткаруучулук деңгээлдеринде ЖӨБдүн кызыкчылыктары корголбойт (мыйзам чыгарууда жана документтерди иштеп чыгууда ЖӨБдүн кызыкчылыктары корголбойт / *ЖӨБдүн кызыкчылыктарын коргоо* | • мыйзам чыгаруу жана аткаруу органдарында ЖӨБдүн кызыкчылыктарын коргоо;<br>• маморгандардан түшкөн ЧУА долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү;<br>• муниципалдык башкаруу аспаптарын жана механизмдерин иштеп чыгуу;<br>• ЖӨБдүн абалы тууралуу Президент үчүн жылдык отчетторду даярдап туруу | |





## ЖӨБ Союзу кургак учук менен ооруган адамдардын жергиликтүү бюджеттен каржыланышына каршы чыкты. КР Президенти бул пикирди колдоду

Кыргыз Республикасынын Президенти Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун пикирин эске алуу менен "Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына карата түзөтүүлөргө каршы пикирге кол койду. Мыйзам долбооруна терс корутундуну Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу даярдаган.

Мыйзам долбоору менен "Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүү киргизүү сунушталган. Ага ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кургак учукка каршы уюмдарга, ошондой эле кургак учук менен ооруган адамдарга бюджеттик мыйзамдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен финансылык колдоо көрсөтөт.

Союз өз корутундусунда мыйзамда каралган өзгөрүүлөр КР Конституциясынын ченемдерине, аны менен катар 3-берененин 4-пунктуна шайкеш келбей турганын белгилеген. Бул беренеге ылайык, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет.

Ошентип, мыйзамдар мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратууга тийиш. Мындай мамиле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратууга, тигил же бул иш милдеттер менен ыйгарым укуктардын аткарылышы үчүн жооптуу болгон башкаруу органдарын так аныктоого, ошондой эле тиешелүү иш милдеттер менен ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн финансы жана башка ресурстарды аныктап алууга жардам берет. Мунун баары башкаруунун ар бир жооптуу органы аларга жүктөлгөн иш милдеттерди жана ыйгарым укуктарды эффективдүү жана талаптагыдай аткаруусуна шарт түзөт.

Ушуну менен бирге КР Конституциясынын 113-беренеси, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренеси жана "ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, каржылык жана башка каражаттарды берүү менен айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү каралган. Бул биринчи кезекте жергиликтүү жамаатка сапаттуу кызмат көрсөтүү, мамлекеттик иш милдеттерди жана ыйгарым укуктарды натыйжалуу жүзөгө ашыруу максатында жасалат.

Мындан тышкары КР Бюджеттик кодексинин 49-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, мамлекеттик органдарга билип туруп тиешелүү компенсацияны камсыз кылбастан жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын көбөйтүүгө алып келүүчү ишчараларды жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди кабыл алууга тыюу салынат. Жергиликтүү маанидеги маселелерге мүнөздүү болбогон, ага тиешеси жок кошумча иш милдеттерди каржылоонун кошумча булактарын бербестен ЖӨБ органдарына жүктөө жергиликтүү бюджетке кошумча жүк алып келет.

Белгилүү болгондой, ЖӨБ органдарынын 85 пайызга жакыны дотацияда турат жана аларга республикалык бюджеттен теңдештирүүчү гранттар бөлүнүп турат. Бул Мыйзам кабыл алынган учурда аны аткаруу үчүн республикалык бюджеттен бөлүнгөн теңдештирүүчү гранттардын көлөмүн көбөйтүү да талап кылынат.

## ЖӨБ Союзу мектепке чейинки мекемелерди каржылоо боюнча милдеттенмелерди ЖӨБ органдарына механикалык түрдө жүктөөгө каршы

***Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарын ченемдик каржылоого өткөрүүнү жүзөгө ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун долбоорун карап чыкты. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги даярдаган. Долбоор менен таанышып чыккандан кийин ЖӨБ Союзу бул маселеде мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын так ажыратуу зарылдыгын белгилеп, мектепке чейинки мекемелерди каржылоо маселесин деталдуу түрдө кайра карап чыгууну сунуштайт.***

Өкмөт мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарды башкаруу, аларды республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылоо аталган токтом менен бекитилген ченемдик каржылоонун шарттарында КРдагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын чыгашаларын түзүү жана аткаруу тартибине ылайык жүзөгө ашырылып келатканын белгилөөнү сунуштайт.

Ошону менен бирге токтом долбоорунун 8-пунктунда ЖӨБ органдарына 2018-жылдан тартып жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси менен ачылып жаткан мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарда эмгек акыны төлөө фонду боюнча чыгашаларды каржылоого жергиликтүү бюджеттин каражаттарын багыттоо сунуштамасы каралган. Ошондой эле буга чейин мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарда балдардын тамактануусуна бөлүнгөн жана каржылоо механизминин өзгөргөнүнө байланыштуу артып калган жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын кызматкерлерине кошумча акы төлөөгө да багыттоо сунушталат.

ЖӨБ Союзу өз корутундусунда мектепке чейинки билим берүүнү каржылоодо бири-бирине каршы келген кырдаал сакталып жатканын белгиледи. Себеби муниципалитеттердин балансында турган мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын имараттарын жана жайларын күтүүдөн тышкары, жергиликтүү бюджеттерден тамактанууга, шаймандарды сатып алууга кеткен чыгымдар жана башка чыгашалар да каржыланат. Жергиликтүү бюджеттерден мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү каржылаган ушул өңдүү практика Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-беренесинин 4-пунктуна каршы келет. Бул беренеде мамлекеттик бийлик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын иш-милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптери аныкталган.

Бул маселени чечүү үчүн Өкмөттүн 2013-жылдын 30-майындагы №302 "Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө" токтому кабыл алынган. Өкмөттүн бул токтомунун 6-бөлүгүндө билим берүүгө кеткен чыгымдарды каржылоону республикалык бюджетке өткөрүп берген учурда ЖӨБ органдарында муниципалдык менчикте турган имараттарды күтүү боюнча билим берүү уюмдарынын чыгашаларын каржылоо функциясы сакталып кала турганы белгиленген.

2014-жылы Билим берүү жана илим министрлигинин бюджетинде финансы каражаттары жетишсиз болгондуктан Өкмөт мектепке чейинки, мектептен тышкаркы жана башка билим берүү уюмдарынын эмгек акысын жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдөн башка жалпы билим берүүчү уюмдардын коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрүн жана имараттар менен жайларды күтүү чыгымдарын, ошондой эле башка чыгымдарын каржылоо функциясы 2014-жылы ЖӨБ органдарында убактылуу (1 жылга) сакталат деген чечим кабыл алган (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы №315 Токтому). Андан соң чыгаша милдеттенмелери ЖӨБ органдарына 2018-жылга чейин жүктөлгөн (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 29-декабрындагы №745 Токтому), ал эми 2017-жылдын соңунда – мөөнөтсүз деп көрсөтүлгөн (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы №843 Токтому). Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы №843 Токтомунун 6-1-бөлүгү менен республикалык бюджеттен дотация албаган ЖӨБ органдарына мектепке чейинки билим берүү уюмдарын каржылоого, анын ичинде эмгек акы фонду боюнча чыгымдарга жергиликтүү бюджеттен каражаттарды багыттоо сунушталган.

Ошондой эле ЖӨБ Союзу мектепке чейинки билим берүү мамлекет кепилдеген укук болгонун, ал мамлекеттин каражатынын эсебинен жүзөгө ашырылышы керектигин белгиледи. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, мамлекет мектеп жашына чейинки балдардын тарбияланышына финансылык жана материалдык жактан колдоо көрсөтүүгө кепилдик берет, калктын бардык катмарлары үчүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарынан таалим-тарбия ала алгыдай шартты камсыз кылат.

Мектепке чейинки билим берүү уюму муниципалдык менчикте турса, ал уюм жайгашкан имаратты жана жайларды күтүү, коммуналдык чыгашаларды төлөө боюнча чыгымдар ЖӨБ органдарына жүктөлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы №302 токтомунда белгиленген жана каралып жаткан токтом долбоорунун 8-пунктунда сунушталган чыгаша милдеттенмелерди аралаш каржылоо мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын так ажыратуунун конституциялык принциптерине кайчы келет. Ошондой эле ал Өкмөттүн чыгаша милдеттенмелери менен ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттенмелерин бөлүштүрүүнү белгилеген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 49-беренесине да кайчы келет.

Эми Кыргыз Республикасынын ЖӨБ Союзу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн мамлекеттик мектепке чейинки уюмдар жайгашкан имараттарды тиешелүү мамлекеттик органдардын балансына өткөрүп берүүнү өтүнөт. Себеби муниципалдык имараттарда калкка көрсөтүлгөн кызматтарды мамлекеттик мекемелер, ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги да ишке ашырып келүүдө. Бул болсо жергиликтүү бюджеттерди мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоодон бошотот.